
Скырг
М 91

Абдыкерим МУРАТОВ
Нурсултан КУБАНЫЧБЕК уулу

# НООКАТТАН ЧЫККАН ЫРЧЫЛАР



Скырп
Н 91

Абдыкерим МУРАТОВ, Нурсултан КУБАНЫЧБЕК уулу

# НООКАТТАН ЧЫККАН ЫРЧЫЛАР

(тарыхый-адабий изилдөөлөр)

Формуляр книги
487557
Муратов А.
Нооката чыккан

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 487557

Бишкек, 2021

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 91

Муратов А., Кубанычбек уулу.
М 91 Ноокаттан чыккан ырчылар (тарыхый адабий изилдөөлөр) – Б.: 2021 – 144 б.

ISBN 978-9967-486-24-9

Колунуздардагы китепке азыркы аймактык бөлүнүш боюнча Ноокат районунун ар түрдүү айылдарында туулуп, же ар кандай жагдайларга байланыштуу ушул жакка келип жашап, ырчылык өнөрү менен жалпы журтка таанылган талант ээлери тууралуу өмүр баяндык материалдарды, чыгармачылыгы боюнча адабий изилдөөлөрдү киргиздик. Бул ырчылардын чыгармалары өз кезегинде жазылып калган эмес, жазылып калгандары да өзүнчө китептерге кирбей келген, демек, алардын чыгармачылыгы ар тараптан изилдөөгө алынган эмес.

Китеп окурмандардын кеңири катмарына арналат.

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-486-24-9
©А.Муратов, Н.Кубанычбек уулу, 2021



*Маркум адабиятчы*
*Каныбек Исаковго арналат*

## КИРИШ СӨЗ

Байыртадан, кыргыз кыргыз болуп жаралгандан, алардын эрмеги да, таалим-тарбия куралы да, ичиндеги кубаныч-кайгысын төгүп алар табылгасы да, саясат-идеологиясы да ыр болгон. Ошол ыр чыгаргандарды талантына, чыгармачылык өзгөчөлүгүнө, ырларынын маани-мазмунуна, формасына карай «ырчылар», «төкмөлөр», «акындар», «жомокчулар», «апыздар», «нускоочулар», «санатчылар», «жамакчылар» ж.б. сыпаттоочу кесиптик сөздөр менен айтып келген. Дал ошол кудай берген жөндөм-шыгы бар кишилер: биринчиден, дастандарды, ырларды, жомокторду ичинен токуп, жаңыдан чыгарган (автор болгон); экинчиден, мурда эл арасында оозеки айтылып келген жогорудагыдай чыгармаларга өз табылгаларын кошуп байытып, же үзүп-жулкуп маанисин

кетирип кайра айтып чыккан (соавтор, шериктеш автор); үчүнчүсү, мурдагы ырчылардын чыгармаларын эске сактап калганы боюнча кийин кайра айтып берген (айтуучу); төртүнчүлөрү, өзү чыгарма жаратпай, бирөөлөрдүн чыгармаларын элге тартуулаган (айтуучу).

Мына ушул чыгармачылык өсүп-өнүгүү кыймылы көптөгөн кылымдар бою эл турмушунда чогуу жашады. Андай эл арасындагы таланттар тарабынан чыгарылган руханий байлыктардын бир тобу бара-бара жоголду, бир тобунун биринчи чыгарган кишисинин аты-заты унутулуп элдик чыгарма (фольклор) деп калдык. Ар бир фольлордук чыгарманынын башатында бир карабашыл талант турары бышык. Кеп ошолорду табууда: XIX кылымда жана XX кылымдын биринчи жарымында чыгармачылыгы элге таанылган, бирок ар тараптуу изилденбей калган акындар, манасчылар катары Батма Кебекова мындай ысымдарды атайт: Калыгул (1785-1855), Музооке (1794-1878), Балык (1799-1887), Акшербет Бүргө кызы (1800-1875), Сырдуу комуз (1800-1887), Назар Болот уулу (1828-1893), Чөжө (1808-1895), Сокур Калча (1810-1890), Майкөтөн (1813-1910), Айтыке (1816-1887), Молдо Нияз (1823-1896), Арстанбек (1824-1878), Чоңду (1826-1912), Кызыл Чеке Мүсүреппек (1830-1887), Эсенаман (1883-1913), Солтобай (1834-1918), Келдибек (1800-1880), Чоюке (1863-1925), Акылбек (1840-1930), Чоодан (1835-1900), Нурмолдо (1835-1918), Сартбай (1839-1917), Тыныбек (1846-





1902), Найманбай (1847-1913). Булардан башка да Сартимбет (Сарт ырчы), Катаган, Байкабыл, Көчүбай, Абат Алымкул тууралуу да айтылат. Алардын артында Жеңижок (1860-1918), Токтогул (1864-1933), Калмырза (1866-1910), Эшмамбет (1870-1923), Бекназар (1876-1918), Жаманкул (1886-1917), Ботобай (1861-1944), Үмөтаалы (1873-1918), Боогачы (1866-1936), Калык (1883-1962), Коргоол (1882-1962), Барпы (1884-1940). Албетте, тизме булар менен эле бүтпөйт, «...иликтөө алкагына өз мезгилинде кирбей калган айрыкча түштүк регионунда жашаган Кара Курман, Бала Курман, Мыса, булбул аталган Ботобайдын устаты Орозаалы, жазмачылык менен төкмөчүлүктү кошо ала жүргөн Кайып Молдо, Токтогул, Барпылар менен айтышып, чыгармачылык эргүү алган Карамурза, Ботобайдын шакирти, өз учурунун көрүнүктүү акыны Сыдык, чөптүн нечен түрлөрүн өңү, түсүнө чейин ажыратып ырдаган Чөп ырчы (Калмат), Бекназардай чоң ырчыны эл көп чогулган жыйында эңшерип кеткен айтыштын даңгылы Дооран, Ташмат, Ишан, Жолдош, Калыктын шакирти Сары Кунан (Сагынбек)» тууралуу айтылат[1]. Ошол эле кезде оозеки эл адабиятынын түздөн-түз таасиринде турган жазуу маданиятын өздөштүрө баштаган акындар да бул тизмеге кошулат, алар: Молдо Кылыч (1866-

[1] Кебекова Б. Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери. – Б.: 2009. – 87, 160, 165-66.

1917), Тоголок Молдо (1860-1942), Алдаш Молдо (1874-1930), Ысмайыл Сарыбаев (1870-1923), Ысак Шайбеков (1880-1957), Абылкасым Жутакеев (1888-1933), Токтораалы Талканбаев (1869-1943) ж.б.

Эми белгилүү фольклор таануучу Б.Кебекованын жогорудагы тизмесине да кирбей калган не бир ырчылар бар экендигин арман менен да, өкүнүч менен да, сыймык менен да айта кетебиз. Аларга бир эле азыркы Ноокат районунун аймагынан чыккан ак-булактык Тайгара, Кашкалдакта жашап калган төө-моюндук Мамасаит, жүлгөлүк Бекназар, кашкалдыктык Анаргүл жана Бөрүбай Султан уулу, кыргыз-аталык Заир, Каар, дагы башка жактардан Ташмат, Абдымомун, Амира, Мамасадык, Төрөкул ж.б. ырчылардын атын кошо атай кетүүгө болот.

Кечээ эле биздин (М.А.) бала кезде, өткөн кылымдын 60-70-жылдарында айылдагы (Шанкол кыштагы) тойлордо кыз жандалып, ошол жерде Арзыбай уулу Төлөнбай деген тууганыбыз, анан да Апиш деген киши көзүн жумуп, төгүп ырдап жиберер эле. Мындайлар ар бир айылда боло турган. Тилекке каршы, бара-бара айылдардан төкмөлөр чыкпай калды, бул өнөрдү өзүбүздөн ары түртүп салдык.

Биз бул китепте Ботобай, Анаргүл, Тайгара, Мамасейит, Нуражи деген беш таланттын өмүр баяны, чыгармачылыгы тууралуу тарыхый-адабий талдоо жүргүзүп, эл таанышып





калсын деп айрым чыгармаларынын тексттерин да сунуш кылдык.

Ноокаттык ырчылар деп алганыбыз бул жөн гана конкреттүү болсун дегендик, болбосо алардын бир тобу Ноокат район болуп курула электе эле жашаган, анан калса ал мезгилде аларга карата «ноокаттык» деген сөзгө караганда «ак-булактык», «кашалдактык», «кара-таштык» деп жеринин аты менен атоо, же «бостон», «адигине», «кандi» дегендей уруусу менен сапаттоо көбүрөөк мүнөздүү болгон.

Азыркы Ноокат районун өзү Кыргызстандагы кайталангыс аймак, кырк уруу кыргыздын он уруусу – ичкиликтер, отуз уруусу – отуз уулдар дал ушул Ноокат жергесиндеги Кыргыз-Ата суусунун Күнчыгышы менен Күнжүрүшү аркылуу аныкталат. Мына ушул ири эки уруулук топтордун ашташкан жеринде жашап, ыр жаратуу да алардын чыгармаларындагы формалык, б.а., тилдик-стилдик бөтөнчөлүктөрдү жакындатып да, алыстатып да турган кызыктуу кубулуш болуп эсептелет.

Анда, салтка ылайык, адегенде, манасчылар тууралуу кыска маалымат берип, андан кийин ар бир ырчынын чыгармачылыгы тууралуу баяндарга өтөлү.

## МАНАСЧЫЛАР

Кыргыздардын генималдуу мурасы, дүйнөнүн эң көлөмдүү жана кайталангыс эпосу болгон «Манас» дастаны Кыргызстандын Түштүгүнө анча көп тараган эмес деген пикир бар. Ошол пикирдин анчалык ынанымдуу эмес экендигин ноокаттык манасчылардын чыгармачылыгы көрсөтүп турат. Алардын айрымдарына токтолуп өтөлү:

Акун Таш уулу – манасчы. Бөрү уруусунун кожеке уругунан. Белексарт айлында 1890-жылы туулган. Манасчылыкты атасы Сайба уулу Таштандан үйрөнгөн. Ал манасчыдан «Манастын бала чагы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» деген бөлүмдөр жазылып алынган.

Анаргүл Тажыбай кызы – манасчы, кошокчу, ырчы. 1900-жылы Кашкалдак айылында туулган. 1947-жылы андан «Мырза уул менен Ак Саткын» поэмасы, «Манастан» үзүндү, дагы бир топ ырлар жазылып алынган. Манасчылыкты күйөөсү Бөрүбай Султан уулунан үйрөнгөн. Анаркүл апанын варианты боюнча Манас баатыр үч жолу өлүп, үч жолу кайра тирилет.





Калбек Жумагул уулу – семетейчи. 1889-жылы Жар-Коргон айлында туулган. Улукатын уруусунан. Андан «Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшү» эпизоду жазылып алынган. Анын варианты 1925-жылы китеп болуп чыккан Тыныбектин «Семетейине» бир топ окшош. «Семетейди» Борболдой Жетигул уулунан 1920-30-жылдар аралыгында үйрөнгөнү айтылат.

Карымшак Жоошбай уулу – жомокчу, манасчы. 1900-жылы Шорон айлында туулган, 1979-жылы каза болгон. У.Салиева атындагы колхоздо койчу болуп иштеген. 1969-жылы андан «Көкөтайдын ашы» жазылып алынган. «Эр Төштүк» жомогун да айткан.

Матисак Акбай уулу – манасчы. 1877-жылы Жар-Коргон айлында туулган. 13 жашында бир тойго барып, «Манасты» Чоодан деген устазынан үйрөнөт. Анын «Манасы» ыр жана карасөз аралаш болуп, К.Мифтаков тарабынан жазылып алынган. Манастын балалык чагын, Көкчө менен урушун, Каныкейге үйлөнүшүн айтып берген. Анын «Манасы» бир топ оригиналдуу, энеси төрөй албай жатканда ичиндеги бала (кийинки Манас) мындай дейт:

Табылгы кармап туба көр,
Табылгыдай нурлуу элден болоюн.
Ыргай кармап туба көр
Ыргайдай катуу эрден болоюн.
Жер түбүндө жекенде

Жекенде кармап туба көр.
Чапса кылыч, ок өтпөс,
Катуу эрден болоюн (МАВ, КФ, 387, 176-инв., 10-б.).

Мурат Калбай уулу – манасчы. Кеңеш айлынан. 1870-жылы туулган. Чоодан манасчынын шакирти. Андан Манастын балалык чагы, Накылайга үйлөнүшү, Бакай, Каныкейге, Семетейга байланыштуу айрым бөлүмдөр 1947-жылы жазылып алынган.

Чоодан – манасчы (1835-1900). Туулган жерин (районун) тактай албадык. Бирок аны ноокаттык бир топ манасчылардын (Матисак Акбай уулу, Калбек Жумагул уулу, Мурат Калбай уулу ж.б.) устазы болгон үчүн да бул китепке киргизүүнү туура таптык. Андан «Манас» жазылып калган эмес. Кезегинде Кокондун ханы Кудаярдын ордосунда манасчылык кылгандыгы тууралуу айтылат.





# ЫРЧЫЛАР

## БОТОБАЙ ЫРЧЫ

Ботобай ырчы тууралуу «Кыргыз адабияты» деген энциклопедияга мындай мүнөздөмө киргизилген: «Ботобай (1861–1944) – акын. Ал Кыргызстандын түштүк өрөөнүнө, Өзбекстандын көп жерине таанымал болгон. Орозаалы аттуу чоң акындын шакирти. Айрым кабарчылар Жунус атап, уруусун паракенде дешкен. Бирок, 1971-жылы акындын санатын айтып берген кабарчынын да Ботобай Жунус уулу аталышы кандайдыр бир чаташуу барбы деген ойго алып келет. Ботобай 1861-жылы Өзбекстандын Кожо-Абад районуна караштуу Каныя-Бостон деген кыштакта кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Айрым маалыматтарга караганда, акын өмүрүнүн алгачкы кезеңинде Өзбекстандан чыккан корбашыларга ырчылык кылып жүрөт. Кийин иштин түпкүлүгүн түшүнүп, алардан четтеп, куугунтукка алынат. Ботобайдын көп жылдар бою оозго алынбай, чыгармачылыгы иликтөөгө кирбей калышы да ушуга байланышкан. Антпесе ал деле өз мезгилинде көп жерлерди кыдырып, Өзбекстанда өткөн тойго атайылап

чакыртып келише турган чоң акын болот. Өзүнө шакирт күтүп, ырчылыктын жөн-жайын үйрөткөн. Буга Сыдык Алайчиевдин чыгармачылык өмүр жолу ачык далил. Жашында ата-энеден жетим калган Сыдыктын акындык шыгы бардыгын бир тойдо байкап, ат мингизип, тон кийгизип, өзүнө шакирт кылып алып жүрөт. Төрт жыл өткөндөн кийин батасын берип, топко түшүрөт. Ботобай 1936-жылы республиканын борборунда өткөн олимпиадага катышкан. 1937-жылы анын «Күлүк аттын сыны», «Терме», «Сүйүү», «Ленин тууралуу ырлар» деген чыгармалары жазып алынган. Алар борбордун фондуна сакталууда. Ботобайдын чыгармаларынын элдик поэзия менен болгон карым-катышы, акындын ага таасирленүүсү, «Күлүк аттын сыны» аттуу ырынан ачык эле байкалат. Муну аттын сын-сыны» аттуу ырынан ачык эле байкалат. Муну аттын сын-сыпатын берүүдө «семиргени сүмбөдөй», «кашка тиши кадоодой», «кулун жүрүп тай болгон, кунанында шай болгон» сыяктуу эпостогу салттуу формулалардын колдонулушу айкындап турат...»[2]

Ботобай тууралуу бир топ маалымат 7-томдук «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 5-томунда берилет. Анда Ботобайга арналган макаланы фольклорист Батма Кебекова жазган. Анын маалыматы боюнча атасынын аты Юнус, же Жунус болушу мүмкүн, же анын ырын жыйнаган адабиятчы

[2] Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. – 2004. – 102-104-бб.





Жаки Таштемиров 1971-жылы Кочкор-Атада Ботобай Жунусов дегенден жазып алыптыр. Мындай болушу мүмкүн эмес, менин оюмча, Ботобай Жунусовдун ырларын дагы бир Ботобай Жунусов жаздырды деген дал келүү реалдуу эместей, анткени Ботобай деген да, Жунус деген да Түштүк Кыргызстанда анчалык көп учурабаган ысымдар. Бул кимдир биröөнүн жаңылыштыгы болсо керек, көбүрөөгү жазып алган кишиники болушу мүмкүн.

Б.Кебекованын маалыматына караганда Тоголок Молдо:

Анжиандын Куршабда<br>
Ботобай деген бар экен,<br>
Акын экен шул тапта<br>
Акындыгы мыкты экен,<br>
Айткан сөзү ыкты экен, - деп баа бериптир.

Бул баага караганда Ботобай Куршаб жактан (азыркы Өзгөн районунун Кара-Суу району менен чектешкен тарабы) болуп айтылып жатат.

Дагы бир факт: кадимки Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) мындай маалымат берет: «Сыдык ырчы муңгуштун ичиндеги ордогочун *(кодогочун болсо керек – М.А.)* уруусунан болот. Анын бала чагы оор күндөргө туш болуп, жетимчиликтин азабын бир топ тартат: 3 жашында атадан, 9 жашында энеден ажырап, аталаш бир тууганынын колунда калат. Турмуштун азабынан ар кимдин малын багып, жан сактайт.

Атасынын бир тууган карындашынын күйөөсү Абдибайит деген жездеси Булак-Башыга *(азыркы Өзбекстандын Анжиан облусуна караган жер болуу керек – М.А.)* алып кетип, өзүнүн иниси Калматка малайлыкка берет. Калмат Сыдыкты жакшы карап, кийиндирип, эмгек акысын төлөп турат. Табиятынан ырга шыктуу Сыдыктын өнөрүн байкаган Калмат алгач ирет Курбанбай дегендин тоюна алып барып ырдатат. 16 жаштагы Сыдык ошол тойдо ата-энеден ажырап, ага менен жеңенин көзүн карап, көрүнгөндүн малын багып, жарытылуу акы албай, өлбөстүн күнүн көргөн балалыгын ырдап өтөт. Баланын ырын угуп отурган белгилүү ырчы Ботобай ошол күнү кечинде Сыдыкты жездесинен сурап, жылына 40 сом төлөмөк болуп алып кетет. Мына ушул окуядан кийин Сыдыктын тагдырында чоң бурулуш болот. Бир жагынан тоюнуп, кийинип, кызмат акысын алып тыңып калат. Экинчи жагынан ал таланттуу ырчынын шакирти болуу менен ырчылык өнөрдүн чоң мектебине аралашат. Акындын өзүнөн жазылган бардык маалыматтарда чыгармачылык шыгынын өсүшүнө Ботобай ырчынын ар тараптуу жардамы болгон»[3].

Бул маалыматка караганда Ботобай ырчы акын катары элге белгилүү болгон кезде Анжиан менен Оштун ортосундагы айылдардын биринде жашаган.

[3] Орозова Г. Сыдык Алайчиев. китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 5-т. – Б.: Шам, 2002. – 343-344-бб.





Ошол эле Бала ырчынын маалыматы боюнча Ботобай аны 1912-жылы Сагын бийдин ашына ээрчитип барып, ал жерден кадимки Сатылган уулу Токтогул менен учураштырат, Сыдык ырчы анын (Ботобайдын) баркын Токтогулдан кем койбойт.

Дагы бир жерде Аравандын болушу Мансуркулдун тоюнда, экинчи учурда 1913-жылы Маргалан шаарындагы Сайдамат байдын тоюнда кадимки Молдо Тойчу катышкан тойдо ырдашканын айтат.

Ноокаттын Шанкол айылынын тургуну, партиялык кызматта, чарба жетекчилигинде, агартуу тармагында көп жыл иштеген Аран Мамажунусов мени менен маегинде минтип айтканы бар: Бир жолу Ботобай Чүй жакка барып калат, ошондо ал жерликтер «Суусамыр кандай жер» деп сурап калат, ырчы болсо «жакшы жер, бирок Чоң-Алайга жетпейт» дейт. Бул сөздү угуп, бизди кемсинтти го деп ал жердин бийи Ботобайды каматып коёт да, жигиттерин «Чоң-Алайды билип келгилечи, чын эле кандай жер экен» деп ошол жакка жиберген экен. Көп айлар өтүп жигиттери Чоң-Алайды мактап келет, ошондо жанагы бий акындан кечирим сурап, астына ат мингизип, акынды ызаат-урмат менен элине жиберген экен деп айтышат.

Ошол эле Ноокаттын күнчыгыш жагында жашаган киши Аран аке бала кезибизде Ботобай деп укчубуз, ырдап келет дешчү деген сөздөрдү көп угар элек дейт.

Буга караганда Ботобай бүтүндөй Фергана өрөөнүнө таанымал ырчы болгон, Чүй жакка, Фрунзеге да барган, Чоң-Алайды да жакшы билген.

Жанагы аны Куршабдан деген Тоголок Молдонун айтканы да, ырларынын Кочкор-Атадан жазылып алынышы да толук мүмкүн нерсе, анткени азыр эми Өзбек Республикасына бөлүнүп кеткен Кожо-Абад, Булак-Башы, Каныя-Бостон деген жерлер Куршабга да, Ошко да, Кочкор-Атага да жакын, жалпы Фергана өрөөнүнүн толтоосу.

Ал эми Ноокат ал жерлерден алысыраак эмеспи, кандайча Ботобайдын өмүр жолу Ноокат жана ноокаттыктар менен байланышып калат дегендер болушу мүмкүн.

Кыргыз жерин узун-туурасынан түрө кыдырып, ыр-күү топтогон Буудайбек Сабыр уулу биз менен маегинде: «Ботобай кезегенде Токтогул, Калмурза, Барпы сыяктуу чоң акындардын бири болгон экен. Ноокаттан чыккан. Ошол кезде кара-суулук Бала ырчы Сыдык дегенди өзүнө шакирт кылып, учкаштырып алып, өзү менен баласындай жүрчү экен. Бир жолу ошентип шакирти менен келе жатып, боз үйдү көрөт, бир келин жүргөн, «шуну кошуп ырдачы» дейт. Анан шакирти ырдап кирет, угуп отуруп, «ээ жакшы болгон экенсиң» деп ыраазы болот. Ушул жерде ал ырчылыктын үч шарты бардыгын, ар дайым, ошону аткарууну суранат. Биринчиси – ырдаганы барганда келин-кыз келип калат, ошолорду карай бербегин дейт. Экинчиси – үй ээсинин





уруксатысыз тамбашына чыгып, атыңа бир боо чөп да сууруп алба деген насаатын айтат. Үчүнчүсү да бар эле, бирок мен унутуп калдым», - деп айтты.

Демек, анын пикири боюнча да Ботобай ноокаттык болуп чыгат. Анын ыймандуулугу, насаат айткан акылмандуулугу да ушул эскерүүдөн байкалып турат.

Ботобай ырчынын ноокаттык болуп калган жөнүн Б.Кебекова мындайча бериптир: Кожо-Абаддын Каныя-Бостон деген жеринде туулган болочок ырчы жетиге чыкканда атасынын көзү өтөт да, апасы баласын ээрчитип Ноокаттын үстүндөгү Кара-Таш деген айылга төркүндөрүнүкүнө алып келет. Эки жылдай жүрүп, анан «жээн эл болбойбу», же башка себептери болгонбу, айтор, кайра туулган жерине кетип калат. Ошерден орун-очок алат, үй-жай күтөт, аңгыча Кеңеш өкмөтү курулуп, кызылдар чыгып, аларга каршылар чыгып, большевиктерге жерин бербей жигит кураган Жаңыбай паңсат, Сабыр, Самат деген адамдардын арасында жүрөт. Алардын ырчысы болуп советтерге каршы ырларды жаратат.

Кийин негедир түшүнүксүз окуядан улам байлыгын таштап, балдарын алып, тага журтуна – Ноокатка кайра келет. Менин оюмда, бул качуунун, же жөн эле журт которуунун бир нече себептери болушу мүмкүн. Биринчиси, эли-жерин орустан коргогон жигиттердин ичи ыдырап кеткенде алардан көңүлү калган болушу ыктымал; экинчиси,

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана ИНВ № 487557

кызыл армиянын активдүүлүгүнөн корккон болушу да мүмкүн; үчүнчүдөн, жеке таарынычтар да бул жерден кетүүгө мажбур кылгандыр. Мындан башка себептери да бардыр, айтор, 1920-жылы ал Ноокатка келет да, анын калган чыгармачылыгы бүтүндөй Ноокат жери менен байланышат.

Ботобай көп белгилүү ырчылардын устазы болгон, ошол эле кезде өзү да ырчылыктын сырларын устаттарынан, алардын ичинен Орозаалы дегенден үйрөнгөн. Аты уламышка айланган Орозаалы Кокон ордосунун ырчысы болгон, аны Кудаяр хан өзү ырдатып уккан, ошол шартта ал устаты Меке-Мединага барып, ажылык парызын аткарып да келген. Ботобай болсо анын кызматында он үч жыл жүрүп, ак батасын алган. Аны менен кадимки Парпы апыз (Барпы Алыкул уулу), Бала ырчы Сыдык, Ташмат, Абдымомун, Жолдош, Арзыбай деген ырчылар үзөңгүлөш жүргөн.

Ботобайдын чыгармачылыгында бир топ табышмактуу учурлар бар. Мисалы, биринчи суроо: 1936-жылы элдик өнөрпоздордун республикалык кароо-сынагына катышкан болсо да, 1944-жылга чейин жашаса да, Совет өкмөтү тарабынан неге анын ырлары, үнү жакшылап жазылып калбады?

Экинчи суроо: 1947-жылы Ноокатка барганда фольклор жыйноочу, мындайларды көргөндө баса калчу Каюм Мифтаков каза болгонуна үч эле жыл болгон





Ботобайдын чыгармаларын неге толтура жазып келбеди экен?

Дагы бир нерсе – Ботобайдын сабаттуулугу канчалык экендиги тууралуу да маалыматтар толук эмес, менимче, ал Орозаалы устатында он үч жыл жүргөндө дини исламдын, ал аркылуу араб, фарсы адабиятынын үлгүлөрү менен мыктылап таанышкан болуу керек.

Ботобайдын ырларында накта ноокаттык белгилер, башка ырчыларда учурабаган жергиликтүү колорит жакшы көрүнөт жана ырларын жеңил кураштырат.

Б.Кебекованын макаласында келтирилген Ноокаттагы Абдыкалык дегендин тоюнан чыккан кеп тууралуу бир үзүндү окуп көрөлү: «Тойго Ботобай, Арзыбай, Ташмат, Бала ырчы (Сыдык) болуп, көп ырчылар келишип, баарынын кичүүсү катарында Сыдык ырдап жүрсө, Ташмат туурадан чыгып, жаш ырчынын сөзүн бөлөт. Ошондон айтыш уланат. Сыдык каршысынын коного жарабагандыгын, эч кимге пайдасы тийбей, бозо ичип семиргендигин айтып, элди дуу күлдүрөт.

Той болгон жерди пайлайсың,
Өлгөндөн кийин Ташмат сен,
Бир теше жерди майлайсың, - деген сөзүн катуу каткырык менен коштойт. Ташмат ызасына чыдабай, Сыдыкты урмак болуп, камчы көтөрөт. Ошондо Ботобай ортого түшүп:

Шашылбай ырда, Бала ырчы,
Насыя кылбай Ташматка
Нак бергендей ырдайсың,
«Бозо кылып ичкин» деп,
Шак бергендей ырдайсың, - деп, шакиртин теске салат»[4].

Дагы бир эске алуучу нерсе – колдо болгон материалдарда Ботобайдын санат-насыят, терме ырларынын бар экендиги. Кыргыз фольклорун изилдөөчүлөр мындай ырларды ашкере талантуу ырчылар гана чыгарып, ошолордун мурастары гана эл арасында калып келгендигин айтып жүрөт. Андай чен-өлчөм менен алып караганда да Ботобай талантуу элдик ырчы болгон.

Анын чыгармалары аз жазылып калган, ошон үчүн кеңири изилдөө мүмкүн эмес деген пикир бар. Аз жазылып, анын атын атоонун кыйындагы чамасы жанагы Кеңеш өкмөтү чыгар астында «басмачы» деген жаман атка кабылып калгандар менен бир аз жүрүп калгандыгы болсо керек, дал ошол нерсе анын ырчылык бағын байлап салган сыяктанат. Ал канчалык, неге жаңы өкмөткө каршы чыккандыгы, анан ал позициясы эмнеден улам, канчалык өзгөргөндүгү да өзүнчө изилдөөнү күтөт.

[4] Кебекова Б. Ботобай. китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 5-т. – Б.: Шам, 2002. – 326-б.





Менимче, Ботобайдын жазылып алынбаган ырлары эл арасында дагы да болсо керек, аны билгендер Ноокатта, Өзбекстандын Анжиан областында, Чоң-Алайда, дагы башка жактарда бардыр, кеп ошолорду жазып алып, бастырып, элге жеткирип, аны изилдөөгө алууда турат.

Абдыкерим Муратовдун «Сунулган баш... Суурулган кылыч» романынан:

«Жаңы-Ноокат. Сабалар жаткан сай боюндагы өрүкзар. Шактары арбайып-тарбайган ак пашыр өрүк астында отургандар ак суу аккан, араам жайда алдындагы Барганынын түрдүү даамынан: анделек, анжир, гилас, гайноолу, нак, нашбанд, бейалма, коон-дарбыз, жүзүмүнөн татып, Ботобай ырчынын сансыз көп санаттарынан тыңдашат:

Кайыр берген панда бар,
Карагайлуу жылгадай,
Ата-энеси бар бала,
Ажыдан келген курмадай.
Жаман нерсе көбөйсө,
Жол бербеген тумандай.
Илавизи жок жигит бар,
Эрден чыккан жувандай.
Жылан жылат путу жок,
Паранда туват сүтү жок.
Жалкоо болгон жигиттин,

Мойну жоон, күчү жок.
Железе кулун ат болот,
Жез эскирсе дат болот.
Кан белгиси туу болот.

Акыркы сапты айтканда ырчы көзүнүн кыры менен Мадамин бекти карап койду. Ал киши дале сүкүт салып ойлуу туруптур. Ырын андан ары улантты:

Карыса сакал куу болот,
Балалуу өрдөк талпынса,
Баласы менен чуу болот.
Баласыз өрдөк талынса,
Жер канаты куу болот.

Ушинтип ырдаганда ырчына кыраам тиктеген Мадаминбек ичинен өзүнүн балдарын эстеди. Азыр алар кайда, эмне кылып жатты экен? Саадатычы? Тек ушул калбаалуу күндөр бүтсө кана?..

Ботобай ырчы санат ырларын көпкө айтты. Анан отургандар ашыглыктан ырдаңыз деди эле анысы Мадаминбекке да жага берди. Саадатын эстеп аткан. Ботобай тамагын түзөп алып Бейдавасын төгүп кирди:

Авал баар көктөмдө,
Көк чымырап бүткөндө,
Беш бедерлүү гүл чыкты,
Бейпайда жанды күйгүзгөн,
Бейдава деген ыр чыкты.





Ушундай башталат эле анын бул ыры. Өзбек менен түркмөндү аралап эчен-эчен ырдаган бул ыры өзүнө да жакын, улам-улам отургандарга карап жаңы саптарды кошуп ырдап кете берет. Азыр да ошентип жатат.

Көлдөн чыккан көп өрдөк,
Парини көрдүм, Бейдава.
Тоодо кыргыз, чөлдө өзбек,
Баарини көрдүм, Бейдава.
Кош тегирмен жүргүзгөн,
Дордини көрдүм, Бейдава.

Отургандар кайра-кайра сүрөп, сөрүлөргө серүүн түшүп, а түгүл Тажик-Кыштак жактан акырын жел жортуп келе баштады. Ботобой башка ырына өттү:

Кызарган аппак бетиңин,
Актыгын карап отурсам,
Ак тооктун каныдай,
Этиңиздин ысыгы.
Арчалуу оттун тавыдай,
Көзүңүз көлдүн сувудай,
Көкүлүң бектин тувудай.
Кашың кара кундуздай,
Көзүң оба жылдыздай,
Өзүңүз пари үр кыздай.

«Көкүлүң бектин тувудай» деген жерине келгенде ырчы дагы бир ирет Мадамин бекти карап койду. Анын

бетине кызыл жүгүрүп, ички дилинде кимдир биреөнү эркелетип жаткансып, же кимдир биреөгө ээреркеп жаткансып жылмаюусу билинип турат. Мындай нурдуу бетти, жылмаюуну Мадамин бектин жигиттери оо көптөн бери көрбөй калышкан. Бадандарга ушундай ысыктык берген ырчы Ботобайга алкыш, Ботобайга балли!

Ботобай текжайы Анжиан менен Оштун ортосундагы Кожо-Абаддын Канийа бостондорунан чыккан Жунустун уулу болуп, миң сегиз жүз алтымыш бирде туулган, анан Кудаяр хандын ордо ырчысы Орозаалынын шакирти катары анын эшигинде он үч жыл кызматын кылган, ырчылык өнөрүн үйрөнгөн. Жаш чагында Чолпон деген кызга кушу ашкере түшүп анын айылына барып, тартынбай, тайманбай Ак Чолпонум деген ырга салганда, бейбаш балдар аттан жыгып, атынын куйругун чулуйтуп кесип, маскаралап коё беришкенин калк көп айтышар эле. Советтер чыга электе Сагын бийдин ашында Сатылгандын Токтогулу менен, Аравандагы Мансуркулдун, Маргаландагы Сайдаматтын тоюнда өзбектин Молло Тойчусу менен айтышкандарын уккандар аваздыныл кеп калышчу. Ал Парпы апыз, Бала ырчы, Жолдош, Арзыбай, Туяк, Ташмат, Абдымомун, Амира ырчылар менен үзөңгүлөш жүрүп, аш-тойдо ырдап, советтер келгенде анжиандык Жаңыбай паңсат, Самат, Сабыр аттуу жигит курган топторго кошулуп, алардын черин жазып жүрүп, акыры не болгону ачык айтылбайт, кыскасы,





Ноокаттын Кара-Ташындагы тага журтуна кайра келип жаткан кези экен. Жоролордо бозо да иччү эмес, жоош, куудул, анан топуктуу киши болгон үчүн ырчылардын баары аны ээрчип жүрчү. Дал ошол Ботобайдын ырын эшитип бак ичиндеги балбан жигиттер «балли», «баллилеп», «өлбө», «өлбөлөп» отурду»[5].

Абдыкерим Муратовдун «Жолдошовдун жолу» аттуу өмүр баяндык повестинен:

«Эски-Ноокатка келгенде ушунчалык үшүп чыгышты. Араба буларды таштап коюп артка кайтты. Алтоо эң аягында кирели, балким башка айылдан балдар көп келип, биз ашып калып, кайра кайтарып ийер деп ойлошту. Апалары ушинтип үйрөткөн. Бул ой кимден чыкканын билбей да калды, бирок баарына макул келди. Алар баштыктарын көтөрүп самоорго кирип кетти. Буларда чайкананы самоор дешет. Суукtan качкан анча-мынча адамдар, өзгөчө өзбек чалдар көп эле экен чайканада. Төрдө сексенге келип калган бир абышка ырдап атат. Ошого жакын барышты.

Эсеби болот бир күнү,
Азын-көбүн малыңнын.
Жанига барып отурсаң,
Пайизи жугат эшеннин.
Та кыйамат болгуча,

---

5 Муратов А. Сунулган баш... суурулган кылыч. Тарыхый роман. – Б.: «Турар», 2012. – 71-73-бб.

Кара жердин тагида,
Жасати жатат нечендин.
Орду болбойт жалганнын,
Арманы калбай дүнүйада,
Ак шумкар чайыл салганнын.
Заррача калбайт гүнаси
Калиймилла чакырып,
Кааба тилла барганнын.
Мукулусу болот муруттун,
Жааганы кетет пулуттун,
Жыловуда кыңыр бар
Журт эгаси улуктун.

Карыя ушинтип ырдап атты. Жарданып турган көпчүлүк улам сүрөп коёт. Бирөө:

- Ботобай ава, ашыглыктан созуңуз? – деди эле ырчы ал жакты жактырбагансып карап койду. Сүрдүү киши экен. Тигил айткан айтканына пүшайман болду.

Ботобай ырчы дагы санат ырларын созуп отурду»[6].

Ө.Мамаюсупов, Б.Малаева, З.Жамантаев жазган «Жарым кылымдык ой толгоолор» деген китептен:

«Менин атам Шеран ажынын кичинекей маалында Ботобай ырчы айлап кыдыруудан келгенден кийин чоң атабыз Мамаюсупту өтө сыйлап келип, айтып берчү экен.

[6] Муратов А. Жолдошовдун жолу. Өмүр баяндык повесть. – Б.: «Айат», 2016. – 35-36-бб.





Ошолордун биринде Мамаюсуп: «Ботобай, азыр Кетмен-Төбөдөн Токтогул деген курч ырчы чыгыптыр деп угабыз. Бул жолку кытайлык кыргыздардагы чоң айтышта Токтогул ырчылардын боз үйүнүн кайсыл жеринде отурду?», - деп сураганда: «Бир аз ырдады, боз үйдүн улагасынан экинчи болуп отурду», – дейт.

Мамаюсуп: «Сага ар тараптан келген ырчылар мурдагыдай эле төрдөн орун бериштиби?» дегенде: «Ооба, төрдө отурдук», – дейт.

Караңыздар, ошол ырчылардан бир гана Токтогул изилденип, эл билет»[7].

Ботобайдын айтыштарынан үзүндүлөр[8]:

Ботобай менен Сыдыктын терме айтышынан

*Ботобай:*

Кебимди таштайм көлдөлөң,
Ээ, балам,
Кел, баштайлы, термеден.

*Сыдык:*

Баштасак майли, чоң ака,
Бош келер ага мен белем

*Ботобай:*

Жаз айланып, күз келет,

[7] Мамаюсупов Ө., Малаева Б., Жамантаев З. Жарым кылымдык ой толгоолор. – Ноокат, 2019. – 124-б. http://www.okuma. (okuma.kg)
[8] Китепте: Айтыш. 2-том. «Айтыш» сериясы. Түз.: А.Акматалиев, М.Көлбаева. Б.: «Имак-офсет», 2015. – 232-238-бб.

Чилде чыкса муз кетет.
Буйлаланган нарга окшоп,
Буйрукка карап кыз кетет.
Паанай себеп табылып,
Басынткан оору дарт кетет.
Азары өтүп журтуна,
Азамат белдүү март кетет.
Алыстагы дос-жарга,
Ала кагаз кат жетет.
*Сыдык:*
Адамдан дөөлөт кайтканда,
Айдап жүргөн мал кетет.
Ак сакалын жайкалтып,
Айылдын көркү чал кетет.
Ажал жетип, күн бүтсө,
Аманат баштан жан кетет.
Суюлуп жылдыз асмандан,
Супусаадык таң кетет.
*Ботобай:*
Улуктар түшсө ордунан,
Колунан амал-иш кетет.
Эңилтип бойду карылык,
Ээктен кашка тиш кетет.
Казасы жетип, күн бүтсө,
Калк башкарган зор кетет.





Ачылса бакты-таалайы,
Арылбаган шор кетет...

БОТОБАЙДЫН АК ТАЙЫ
(Сыдык ырчы менен алым-сабак айтышы)
*Ботобай:*
Жаами журтка мактайын,
Жанибарим, ак тайым.
Кастарың минтип көбөйдү,
Кайларга сени сактайын?
Мага жаккан эле бир ишиң,
Жабуулап багып минишим.
Эсимден кетпейт, жанибар,
Жоргодон жумшак жүрүшүң.
Деп жүргөндө таптайын,
Даңкыңды угуп ак тайым,
Куйруктан сени кур койду,
Көралбастар дапдайын,
Эрте менен карасам,
Ээлкидей көркү жок,
Саар менен карасам,
Санаттагы бөркү жок.
Оо, Садыгым,
Куйругунан ажырап,
Кулжурайып калыптыр.

Кыл мурутсуз көсөөдөй[9],
Мулжурайып калыптыр.
Оңбогон найсап[10] шумпайлар,
Он чактысы барыптыр.
Душманга казат[11] кылгансып,
Түбүнөн кесип салыптыр.
Айткан сөздө бар кыска,
Айтпай койсом жан куса.
Баш болуптур шумдарга,
Байтал ууру кал[12] Муса,
Оо, Сыдыгым,
Кармаптыр жалдан Кайып кар[13],
Куйругунан айрылып,
Ак тайым болду айыптар.
Болушка[14] барып, арз[15] кылып,
Бирини кылым майыптар.

[9] Көсөө – бети-башына сакал-мурут чыкпаган киши
[10] Найсап – ынсапсыз
[11] Казат – согуш ачуу
[12] Кал – башында чачы жок киши
[13] Кар – кулагы укпаган киши
[14] Болуш – кызмат даражасы (волость башчысы)
[15] Арз – арыз





# АНАРГҮЛ ТАЖИБАЕВА

Анаргүл Тажибаева жөнүндө алгачкы маалыматты кыргыз элдин оозеки чыгармаларын жыйноодо эбегейсиз эрдик кылган, өмүрүн ошол ишке сайып коюп, атүгүл үй-бүлөсүн да таштап, фанат катары эл аралап жүргөн Каюм Мифтаковдон билебиз. Татар уулу, таланттуу жыйноочу 1947-жылы Чоң-Алай жана Ноокат жергесине фольклордук экспедиция менен келет да, Чоң-Алайдан 82, Ноокаттан 168 кишиден материалдарды жазып алат, алардын ичинен 90у ичкилик, калганы адигине, мунгуш урууларынан болот. Айтуучулардан 5 өзбек, 5 түрк, 1 кожо да катышат. Жогорудагы материалдарын жазып алгандардын 30у аялдар болгон. Ал киши буга чейин да өткөн XX кылымдын 20-жылдарында Талас, Нарын, Ысык-Көл аймагынан «Манас» баш болгон өтө көп чыгармаларды жазып алган, өтө көп информаторлор менен пикирлешкен, кыргыз, казак, башкорт, татар элдеринин, кытай кыргыздарынын оозеки адабиятынын эң мыкты билерманы болгон. Ошол киши Анаргүл Тажибаеванын чыгармалары жазылган дептерге: «Бул дептерде бүткүл Кыргызстанда аялдардан бирден бир эл акыны болгон Анаргүл Тажибаеванын ырлары жазылды. Бул аял акын аялдарга ооз ачып ырдоо чоң айып саналган

бир областтан – Оштон чыгып отурат», - деп жазып калтырыптыр[16].

Мени таң калтырган нерсе – өлөрүнө бир жыл калганда, 55 жашында түрк элдеринин маданиятын, салтын абдан жакшы билген киши К.Мифтаков ушинтип айтып жатат. Ноокаттык бир аялды ушинтип баалап атат.

Кайра-кайра окуп көңүл буруучу учурлар: биринчиси, Мифтаковдун Анаргүл Тажибаеваны «бүткүл Кыргызстанда аялдардан бирден бир эл акыны» деп баалашы; экинчиси, «бул аял акын аялдарга ооз ачып ырдоо чоң айып саналган» аймактан чыгып жатышы.

Дагы мени таң калтырган экинчи бир нерсе – ушундай атактуу аялды калайык калк гана эмес, адабиятчылар да жакшы билбей, анын чыгармаларынын китептерге, хрестоматияларга киргизилбей жүргөндүгү, атүгүл ноокаттыктардын да көбүнүн бул ысымды унутуп калышы.

Ырас, биз өткөнүн унуткан маңкурт болбосок буга ким айыптуу деген суроо менен катар эле эми эмне кылышыбыз керек деген суроо да кабыргасынан коюлууга тийиш.

Ырас, бир жылыш болду: профессор А.Акматалиев жалпы редакциялык кылган «Кыргыз адабиятынын тарыхы» деген 7 томдук эмгектин «Кыргыз эл ырчылары» деген 5-томуна Анаргүл Тажибаеванын адабий портрети талыбас

[16] китепте: Токомбаева А. Каюм Мифтаков. – Ф.: Илим, 1991.





изилдөөчү, элдик мударис Омор Соороновдун авторлугунда киргизилген.

Жогорудагы А.Токомбаеванын китебиндеги жана О.Соороновдун макаласындагы маалыматтар бул таланттуу аял тууралуу азырынча аздыр-көптүр пикир айтууга мүмкүнчүлүк берет да, анын чыгармаларын жарыялоо, үйрөнүү, изилдөө кийинкиге калтырылат.

Улуттук Илимдер академиясындагы сакталып турган К.Мифтаков 1947-жылы, андан соң аталган мекеменин бир топ окумуштуулары *(С.Закиров, П.Ирисов, Ж.Мусаева ж.б.)* 1974-жылы жыйнаган маалыматтарга караганда Анаргүл Тажибаева ырчы, кошокчу, айтуучу, манасчы болгон.

К.Мифтаков чыгармаларын жазып алып аткан учурда ал кырк жети жашка келип, чыгармачылык жактан жетилип турган убагы экен.

Кийинки экспедиция учурунда 74 жашта болгон. Колдогу кабарларга караганда ал 1900-жылы Ноокаттын күн чыгыш жагындагы Кашкалдак деген айылда туулган *(тагыраагы, кийинки бөлүнүш боюнча Кызыл-Бостон сельсоветинин «III Интерноционал» колхозунун 2-Кашкалдак айлында, Айбекте).* Атасы орто чарбасы бар киши көрүнөт. Балким дурус эледир. 1947-жылы баягы атың өчкүр репрессиядан көп өтпөй Каюм деген татар киши бетмаңдайына келип, каламын алып, айткан-дегенин түгөл жазып алып атса, акын аял заади-тегин жашырган болушу

да мүмкүн. Анан калса совет учурунда элдин баары эле кедей-дыйкандын уул-кызы, тоголок жетим, итке минген кедеймин дейт эле го.

А.Токомбаеванын да, О.Сооронovдун да маалыматы боюнча анын ырлары толук жазылып алынган эмес. Бул, албетте, өтө өкүнүчтүү. Анаркүл апанын алгачкы ыры Сооронов кол жазмалар корундагы материалдарга таянып берген маалымат боюнча эки жүз токсон жети саптан турган Мамазакир менен айтышуусу. Анда Анаркүл Мамазакирдин атын өзгөртүп, Тартип деп алат, Мамазакир болсо Анаргүлдү Зебайым, Акнават, Бейарман деген аттар менен атайт. Түштүк ырчыларынын чыгармачылыгында өз аты менен атабай, жалпыланма ат берүү кеңири тараган салт болгон менен бул жерде кыздын тартынбай, сүйүү, ышкы, ылаазат тууралуу ашкере айтышы жана экинчиси өзүнүн «жаштык – мастык» кездеги ырларын кагазга жазып аткан кишиге жарыя кылышы. Мына ушул эки факт Анаргүлдүн түштүк кыздарынан башкача, тартынбас, бетке чабар болуп өскөндүгүн кабарлап тургансыйт.

Ал он алтысында Кичи-Алайдын тургуну Бөрүбай деген жигитке күйөөгө чыгат экен да, ал аны өз журтуна – тоо арасына алып кетет. Кичи-Алайдын географиялык шарты, климаты Ноокаттын Кашкалдагына караганда башкача, жашылча, алма-өрүк өспөгөн, жалаң гана топоз, уй, жандык жүргөн, кышы төрт-беш айга созулган, алыскы бир тоо





арасы. Ошондой кыйын жерге баруу, Ноокатын, Кашкалдак айлын, теңтуштарын, үйү-жайын сагынуу анын ыр дүйнөсүнө андан бетер сагыныч, арман, өксүк алып келгендей. Бул армандуу ырлар совет мезгилиндеги фольклор жыйноочуларга, албетте, керек болгон эмес.

Ошол тоо арасында ал чейрек кылым өмүр-жаштыгын өткөрүп жүргөн кезде компартиянын дагы бир акмакчылык саясатына туш келишет. Өздөрү арызданган деп бирөөлөр айтат, жо-ок, өкмөт көчүрмө кылган деп бирөөлөр айтат, иши кылып, Папан, Кичи-Алай, Чөгөм деген тоолуу аймактын элин Кара-Суу, Жапалак, Араван, Төө-Моюн деген жерге көчүрмө кылып келет. Тоодон түз эле чөлгө келген малдар, адамдар кырылып өлгөнүн азырга чейин жомок кылып, ыр кылып айтып жүрүшпөйбү тоолуктар. Өзгөчө жер үшөп, суу ылгап, калк кыйналат. Мына ушул азаптуу күндү 1941-жылы Кичи-Алайдан Төө-Моюнга түшүрүлгөн Анаргүл да өз көзү менен көрүп, армандуу ырларын дагы чыгарыптыр. Ал ырлар да өкмөткө жакпастыр, лекин аларда адам, анын ички дүйнөсү бар эле. Окууга ортоктош бололу:

Аргымак жалы алты тал,
Өрөр күндөр бар бекен?
Ажырап келген жерибиз
Көрөр күндөр бар бекен?
Тобурчак жалы тогуз тал,
Өрөр күндөр бар бекен?

Тозуп кеткен элимди
Көрөр күндөр бар бекен?

УИАнын Кол жазмалары корунун папкелеринен чыкпай жаткан бул ырлар азыр эми кадимки эле ырлардай туюлганы менен аны папкеден чыгарып, элге жарыя кылууга ал кезде көп адамдар батынган эместей...

Же ким билет, жөн эле каалабагандар болгондур...

Анан калса, анын чыгармачылыгындагы башкы жанр – кошоктор болгон. Жакыны өлгөндө чыгарган күйүт ырлары да коммунизмге бараткан оптимист элди алаксытат дегенбизби, неси болсо да энеси өлгөндөгү кошогу, акасина кошкон кошогу ошол ошол бойдон былк этпей папкеде турат.

Көңүл буруучу факт – күйөөсү Бөрүбайдын да ырчы экендиги. Алтындан, күмүштөн, жезден аземдеп үй буюмдарын, ат жабдыктарын жасаган зергер болгон, колхоздун устаканасында узанчу экен, анан ал киши Омор аке Соорон сопунун жазганына караганда Алай, Өзгөн, Кадамжай тараптарга кеңири белгилүү акын, ошол эле кезде манасчы болуптур. Мына кызык, табышмактуу биринчи суроо – ал зайыбы Анаркүлдөн да машкур ырчы болгонбу? Экинчи суроо – жанагы алгачкы айтышкан ырчысы Мамазакир деген дал ушул Бөрүбай эмеспи? Үчүнчү суроо – Жеңижок акын Көксулуусун ээрчитип жүрүп ырдагандай Бөрүбай – Анаргүл катарлаша ырдашып жүргөн учур болгонбу?

Бул суроолорго жооп айтыш азырынча кыйын. Неси болсо да Бөрүбай экөө үч балалуу болот, 40-жылдарга чейин чогуу жашайт да, ошол мезгилде акын келин байын кара жерге берип, көгүн кийип, кошогун кошуп отуруп калат:

Күмүштөй эгар гаш галды,
Күзгүдөй балдар жаш галды.
Алтыннан эгар гаш галды,
Айнектей балдар жаш галды.
Эрте менен кайнаткан
Чайым иди ахунум.
Эртеден кечке сүйлөшкөн,
Тайым иди ахунум.

Кошок бир кыйла көлөмдүү келип, 200 саптан ашат. Мындан кийин ал Ноокатта жашап калган сыяктанат, иши кылып, 1947-жылы августта жана 1974-жылы Ноокатта болот. Биринчисинде колхоз раиси К.Мааткеримов азаматтык кылып, шарт түзүп берип К.Мифтаковго жаздырып жаткан менен баары бир фольклор жазгыч кагазга толук түшүрө албай калганын эскертип өтөт.

Ал эми дагы бир фольклорист жогорудагы «...тарыхтын» 3-томунда Анаргүлдүн күйөөсү Борбиев Султан деп берет.

Анаргүл акындын айтып берген дагы көлөмдүү чыгармалары «Кулмурза», «Ак Саткын менен Мырза уул» дастандары. Алардын көркөмдүк деңгээли жогору, ассонанс, аллитерация, параллелизм, редиф сыяктуу ыр каражаттары абдан орундуу коюлуп, Түштүк мотивдери сакталат.

Бул акындан О.Соороновдун маалыматы боюнча «Манас» дастанынан да баатырдын төрөлүшүн жана балалык чагын камтыган 818 сап үзүндү жазылып алынган. «Анын вариантында, - деп жазат О.Сооронов, - улуу эпостун негизги өзөгү камтылуу менен айрым кепке аларлык өзгөчөлүктөр да кездешет. Маселен, бул вариантта карыганча уул көрбөгөн Жакыптын досу Каракан ардантыш үчүн чоң той берип, ашпозчуларга: «Уулдууга уча тарткыла. Кыздууга куйрук-боор тарткыла. Перзенти жокко кулагын кесип, куу чоку кылып баш тарткыла. Көзүн оюп, көр чоку кылып гөш тарткыла!» – деген буйрук берет. Кулагы кесилген, көзү оюлган баш алган Жакып арданып, Ак мазарга барып, Ак төө союп, 12 имам, 40 чилтенден бала тилейт. Жети күн, жети түн ыйлап жатат. Акыры уул көрөт, ошондо азали туубаган бир байталы Каккуланы (Аккуланы) туйт.

Андан ары Манастын укмуштуудай тез жетилиши жөнүндө ыр менен айтылып отурат. Алтысында ат минип, жетисинде куш салат. Сегиз жашында сексен жигит курайт, жүрүш баштайт ж.б. Дагы бир өзгөчөлүгү Анаркүлдүн





вариантында Манаска колуктуну атасы Жакып издебестен, апасы Куурасын тандайт. Шоорунтун кызы Накылайды жактырып, Манаска алып берет ж.б. Бул айтылгандардан байкалгандай Анаргүл Тажибаеванын вариантын атайын иликтөөгө алса бир топ кызыктуу фактыларга жолуктураарында күмөн жок»[17].

Тилекке каршы, Анаргүл апанын «Манасы» толук жазылбай калган. Балким ушуга чейин манасчылык жана кара күү өнөрү ысык-көлдүктөрдө гана кеңири тараган деген түшүнүккө өзгөртүү киргизер белек, ка-ап, аттиң...

Эмнеси болсо да, «Насыйкат», «Санат» деген дидактикалык чыгармалары, «Энеси Гүлсүн өлгөндөгү кошогу»,«Арман», «Кичи-Алай», «Мамазакир менен айтышы», «Казак жигити менен казак кызынын айтышы», «Алчадияр санагы», «Небиреме» деген чыгармалары, дагы, кудайга шүгүр, жазылып калып, анын талантынын таасын изин көрсөтүп берди.

Анаргүл акындын ырларынан аталган «...тарыхта» мындай үзүндүсү келтирилет:

Ырдын бизде кани бар,
Ыргып чыгат жаныбар.
Чачып кеткен жолума,
Карматып кеткен колума.

17 Сооронов О. Анаргүл Тажибаева. китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 5-т. – Б.: Шам, 2002. – 581-б.

Мойнума куржун салынып,
Тилеп алган эмесмин.
Төгүлүп жаткан жериден
Шилеп алган эмесмин.
Таразага таш коюп,
Тартып алган эмесмин.
Чөнтөгүмдөн пул берип,
Сатып алган эмесмин[18].

Мына ушундай ырларды биз бала күндөн эшитип чоңойдук, ушундай мотивдеги ырлар азыр да Ноокатта эл арасында айтыла калып жүрөт, бул деген акындын ырларынын калк арасына оозеки түрдө кеңири тарагандыгын айгинелейт, бирок өкүнүчтүүсү алар кат түрүндө кагазга түшүп, калың элге жетпегендиги.

МУРЗА УУЛ
(Анаргүл Тажибаеванын айтуусунда)

*Бул чыгарма Каюм Мифтаков (Каюм Гайнан улы Мифтахов; 28.6.1892 - 05.10.1949) тарабынан жазылып алынган. 1947-жылы ал Ош облусунун Ноокат жана Алай райондорун аралап, төрт ай бою кыргыз этнографиясын, тарыхын, санжыраларын, фольклордук материалдарын жыйнаган. Анан көп узабай 1948-жылы мекенине – Башкортостанга көчүп кетип, 1949-жылы 5-октябрда каза болот. Мына ошол акыркы жыйноолорунун бири Анаргүл Тажибаева менен жолугушууда болгон сыяктанат. Ага шарт түзүп берген К.Маткеримов деген башкарма болуп чыгат. Бул ким экен деп издештирсек, ал азыркы Шанкол айлынынын бир маалеси Котур-Булакта жашаган Какан деген раис экен. К.Маткеримов өзү сабатсыз болгону менен көптү түшүнгөн, көпчүлүк менен мамиле кылган киши болгон, биринчи жолу 1947-1950-жылдарда, экинчи жолу 1957-1959-жылдарда башкармалык кылган. А.Тажибаеванын Кашкалдактан ал айылга – Котур-Булакка кантип барып калганын да тактай албадык.*

[18] Сооронов О. Анаргүл Тажибаева. китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 5-т. – Б.: Шам, 2002. – 579-580-бб.





*К.Мифтаков жазып алган текст мындай:*

Илгерки убакытта Мурза уул деген жигит Ак Саткын деген жеңесине ашык болуп, экөөнүн бир бирине кошкон ырлары:

*Ак Саткын:*

Атаны жигит Мурза уул, досум,
Эки эле көзүм жолдо бол, досум,

Атаңдин зади[19] кан кыпчак, досум,
Энеңдин зади бек найман, досум,

Ишкиңда күйдүм бей арман, досум.

[19] Зади – түбү, уруу-уругу

Карачап чакмак кош пычак, досум,

Аттуу бир келбей жөө кел, досум
Экөө бир келбей бирөө кел, досум,

Жаманды жолдош кылбай кел, досум.
Айгыр боз атың минбей кел, досум,

Азанап доош кылбасын, досум,
Атакем туюп албасын, досум.

Кулундуу бээң минбей кел, досум,
Чыңырып доош кылбасын, досум,

Энекем туюп калбасын, досум.
Жаманды жолдош кылбай кел, досум,

Жаныңа пычак салбай кел, досум.
Булгары токум буурул ат, досум,

Тулпарды чапсаң тер болот, досум,
Бурулуш жерде биздин үй, досум,

Бурулуп кетсең не болот, досум.
Кашкары токум кара ат, досум,





Кайтара чапсаң тер болот, досум.
Кайрылыш жерде биздин үй, досум,

Кайрылып кетсең не болот, досум,
Кайрылбай кетсең кей болот, досум.

Мурза уул келе жатканда, досум,
Ашкана тартып чий калап, досум,

Туратбы элем, сен келдиң, досум,
Адамдын ичин куйкалап, досум.

Кереге жайып кез бурап, досум,
Келиңиз деп сыр сурап, досум,

Эшикке келип түшкөндө, досум,
Жүгүрүп атың байларга, досум,

Эргенчи бала жок экен, досум.
Жүгүрүп атың мен алдым, досум.

Эңкейип эшик ачарга, досум,
Жеңекем үйдө жок экен, досум.

Эңкейип эшик мен ачтым, досум,
Эмчегим эзе кармадың, досум,

Эңкейе түшүп шүк болдум, досум.
Сүйрөй килем саларга, досум,

Энекем үйдө жок экен, досум,
Сүйрөп килем мен салдым, досум.

Сүйөгүм[20] камтый кармадың, досум,
Сүйөнө түшүп шүк болдум досум.

Кырмачы кырган сыр аяк, досум,
Илеби жука кара аяк, досум,

Байтал бир бээнин бал кымыз, досум,
Кулан бээнин курч кымыз, досум,

Энекем куйду мен сундум, досум.
Сунуп бир турган убакта, досум,

Бармагым баса кармадың, досум
Бармагымдан карай бир кочкул кан чыкты, досум,
Карай бир көздөн жаш чыкты, досум.

[20] Сүйөгүм – сөөгүм





*Мурза уул ушул күнү жатат.*

*Ак Саткын:*
Таң атканга окшоду, уул ай,
Сопу акем азан чакырат, уул ай.
*Мурза уул:*
Сопу акең азан чакырса, жеңе ай,
Көк жөтөл дартка жолуксун, жеңе ай.
*Ак Саткын:*
Короодо койлор маарашат, уул ай,
Таң атканга окшоду, уул ай.
Турсаңчы энди койнумдан, уул ай,
Тарткынчы билек мойнумдан, уул ай.
*Мурза уул:*
Короодо койлор маараса, жеңе ай,
Ач бөрүгө жолуксун, жеңе ай.

Турбаймын сенин койнуңан, жеңе,
Тартбаймын билек мойнуңан, жеңе.
*Ак Саткын:*
Кызыл бир чарчы, кызыл кур,
Кызыктуу жарым Мырза уул.

Сары бир чарчы, сары кур,
Сагынган жарым Мырза уул.

Тур-тур десем, уй турат, уул ай,
Уйдан да жаман экенсиң, уул ай.
*Мурза уул:*
Тур-тур бир десе, уй турса жеңе ай,
Уйдан да жаман эмесмин, жеңе,
Уяңдыгым эмеспи, жеңе.
*Ак Саткын:*
Коп, коп бир десе, кой кобот, уул ай,
Койдон да жаман экенсиң, уул ай.
*Мурза уул:*
Коп, коп бир десе кой копсо, жеңе,
Койдон да жаман эмесмин, жеңе,
Азилдигим эмесби, жеңе.
*Ак Саткын:*
Көк челек толгон көчө[21] бар, уул ай,
Көчөдөн ич да кете бер, уул ай.
*Мурза уул:*
Көк челек толгон көчө бар, жеңе,
Көчөңдү ичип нетейин, жеңе,
Көңүлүм тапкын кетейин, жеңе.
*Ак Саткын:*
Ак челек толгон айран бар, уул ай,
Айранды ич да, кете бер, уул ай.

[21] Көчө – суюк тамактын бир түрү (көжө аш)





*Мурза уул:*
Ак челек толгон айраның, жеңе,
Айраның ичип нетемин, жеңе,
Алымды сура кетемин, жеңе.

Кишилер келип, Мурза уулду Ак Саткындын койнунан тутуп өлтүрөт. Өлгөндөн кийин анын кунун пыча албай үч күн турат. Анда Ак Саткын анын кунун мен өзүм пычып берем дейт:

Айыбың алтымыш тилла,
Кунуң жүз досум,
Аягың шаар, башың биз, досум.
Чын ашык жар өлөт дейт, досум,
Чымчыктар сайрап калат дейт, досум.
Чынар терек болот дейт, досум,
Чырмалып өсүп чыгат дейт, досум.
Кулмурза өлсө куп болот, досум,
Ак Саткын менен жуп болот, досум,

Сары атыңа жүк болот, досум! - деп Ак Саткын пычак менен өзүн өзү как жүрөккө сайып, өлүп алат.

## ТАЙГАРА

Жумаев Тайгара тууралуу тарыхчы-санжырачы Нурсултан Кубанычбек уулу мындай маалымат берет: «Азыркы Токмок-Булактын (Ак-Булак айылынын күн чыгыш жактагы маалеси) күн чыгыш тарабында эл жашаган конуш болгон. Ал конуш Уч деп аталган экен. Тайгара Жумаев 1885-жылы ошол жерде төрөлгөн[22]. Чоң атасы Пирманбет чоң мерген болгон. Тайгаранын да Суу-Дөбө, Доолан жактарда куш кармаган жери бар экени айтылат. Ал дуба менен ооруулардьі байлап, дем салып көптөгөн ооруларды кайтарткан экен. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (1941-1945) Тайгара бир топ жашка барып калгандыктан Кызыл-Кыяда шахтада эмгектенген. Кийин колхоздо да активдүү иштеген.

Тайгара Жумаев эл оозунда аталган төкмө акын болгон. Анын төкмөлүгү кыйлага жетип, алыскы аймактарга барып айтышып келген учурлар да болгон.

Анын: Алты кат асман астынан,
Жети кат жердин үстүнөн,
Акзирек деген ыр чыкты,

[22] Бул факт акындын небереси Эргеш Тайгараевден алынган.





Аз гана Куртка элимден, – деген сыяктуу ырлары эл оозунда унутулбай сакталып жүрөт. Тайгара Жумаев 1981-жылы 1-августта дүйнөдөн кайткан»[23].

Ал эми башка бир булактарда[24] анын туулган жылы 1894-жыл деп көрсөтүлөт. Бул, туулган жылдары, албетте, тактоону талап кылат. Анын согушка алынбай, «эмгек фронту» деп Кызыл-Кыя шахтасына иштөөгө жиберилгендигине караганда биринчи факт (1985-жыл) туура болушу да мүмкүн. Ал жүз жылга чамалаш жашаган. Анын туулган жери азыркы Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн Ак-Булак айылы. Адигинен Бөрү уруусунун Атакесинен тараган Куртка уругунун Назар тобунан тарайт.

Ал туулган айыл тоонун түбүндө. Тайгаранын атадан калган өнөрү куш таптап, куш салуу болгон, б.а., саятчылык менен күн көрүп, куш алган жан-жабырларды кармап, сатып жан баккан.

КР УИАсы «Эл адабияты» түрмөгү менен китептерди чыгарып келет, ошол китептин 38-тому «Ош областынан чогултулган фольклордук материалдар» деп аталат. Ошол китепке[25] Тайгарадан жазылып алынган *(айтыш өткөндөн*

[23] Кубанычбек у. Н. Ак-Булак элинин (айылынын) санжырасы. – Б.: «Улуу тоолор», 2017. – 134-б.

[24] Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.: «Кыргызстан», 1981. – 98-б.; Муратов А. Ноокат жана ноокаттыктар. – Б.: «Айат», 2005. – 25-26-бб.; Ташиев А. Ноокатым – кетпес ооматым. – Б.:. «Бийиктик», 2009. – 207-б.

[25] Ош областынан чогултулган фольклордук материалдар. «Эл адабияты» сериясы. 38-т. Түз.: А.Исаева. – Б.: «Турар», 2018. – 397-402-бб.

*бир топ жылдан кийин болуу керек)* «Тайгара ырчынын Зайыр ырчы менен айтышы» берилет. Айтыш Таш-Куй деген жерде өтөт, кайрак орокко чогулган элүүдөй киши экөөнүн ырдашканына күбө болот. Орокчуларга ысык тамакка деп раис *(аны ираиш деп айтат, атын атабайт)* бир кунажын союп берет да, тамаша кылуу үчүн Зайир ырчы тааныбасын деп Тайгарага башын баскан калпак кийгизип, анын бул жерде жок экенин, сен ал тууралуу ырдап жүрөт экенсиң, ошону дагы бир ырдып берсең болот эле деп суранат башкарма. Ошондо Зайир ырын баштайт, ырында Тайгаранын колхоз ишине катышпай, саят тосуп тоолордо жүргөнүн, «күкүктү көрсө кыргый» дегенин, «жамансарды бүркүт деп сатып ийгенин» айтып тийиштик кылат. Зайир көп эле нерсени айткан болуу керек, негедир жазып алып аткан учурда Тайгара ырчы *(анын өзүнөн жазылган)* «калганын унутуп калыпмын» деп айтып бербейт.

Ушул убакта ираиш Тайгараны ачыкка чыгарат, эми сен ырда Зайир тууралуу дейт. Ошондо Тайгара өз өнөрүн мактап кирет, «саятты сахабалар тосконун», «саят тосуу бандаге сүннөт экенин», «саардан кечке саятчылар кудайлап жүрөрүн», «саят тосуп куш кармап, орозгерге сарп кылсаң, алалдан тапкан дүнүйа» деп өзүн-өзү тазалап, өзүн-өзү күнөөдөн арылтып алат. Анан Зайирбайдын кылыгын бир пас айтайын деп, анын «ырдап жүрүп, ираистан мака алганын», «Тажибайдан така *(теке – эркек эчки)* алганын»





айтат, какшык, шылдың, кордоого өтүп, байбичесинен така сааймын деп кызык болгонун, өзүн анысы качан туулт деп желинин караганын ж.б. кылыктарын кошуп ырдайт, муну менен Тайгара отургандарга күлкү тартуулайт, Зайирди жерге киргизе мыскылдайт. Акын абдан сөз тапкыч экендиги, бир эле мисал эркек эчки – теке таап алып, ошонун тегерегинде далай сөздү айткандыгын көрөбүз. Анын бул айтыштагы стилине юмор, гротеск деген сатиралык элементтер мүнөздүү, ал ар бир сөзүн какшык, шылдың аралаш айтып, салыштырууларды, метафораларды, эпитеттерди орду-ордуна коёт.

Анын Ботобай менен чогуу жүргөндүгү айтылат, бирок аны менен айтышы биздин колдо жок. Каар деген ырчы менен айтышканы кыска (39 ыр сабы) болсо да жазылып калган[26]. Ал текст толук эместей. Анда Каар ырчынын эмне деп ырдаганы жазылган эмес, Тайгара ага карай мындай ырдайт:

Мени менен чаглашпай[27],
Өз жолуңду билип жүр.
Мени менен чаглашсаң,
Тосуп коём жолуңду.
Алып коём колуңдан,
Араң алган сомуңду.

26 Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.:. «Кыргызстан», 1981. – 98-99-бб.
27 Чаглашпай – мени менен теңсинбей, мага атаандашпай жүр, чамаңды билип жүр дегени

Алкылдайсың, тынбайсың,
Ар кайсы сөздөн ырдайсың.
Азезил шайтан пириң бар,
Андаштырып турамын.
Сенин мааниси жок ырың бар.
Комузуңду тырмайсың,
Мага кайыр бергин деп,
Эшикке келип кыйкырган,
Дубанадай ырдайсың[28], - деп көпчүлүк акындарга мүнөздүү каршысына тосмо коюу, атаандашына катуу чабуул коюу, биринчи болуп аракеттенүү ыкмасын тандап алгандай.

Тайгара ырчыдан ушул эки акын Каар (Каарбай) жана Зайир менен айтышуусу жазылып калган, балким дагы жазылып калганы кол жазмалар фондусунда, окуу жайларынын, мекеме-уюмдардын архивдеринде, бала-чакасында бардыр...

Тайгара Жумаевдин көркөм мурастарынын ичинен «Санат» деген бир ыры жазылып калып, китепке кирген[29]. Түштүктүк ырчыларда санат-насыят, терме формасы кеңири өнүккөн, булардан ислам жазма жана оозеки адабиятынын таасири, Кураны каримдин, хадистердин идеялары таасын көрүнөт, сопу акындарынын бу дүйнө-тиги дүйнө, кулпенде,

[28] Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.:. «Кыргызстан», 1981. – 98-99-бб.
[29] Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.:. «Кыргызстан», 1981. – 99-101-бб.





актык ж.б. идеяларын да табууга мүмкүн. Бирок, тилекке каршы, Тайгара ырчыдан колубузда бир гана ыры тургандыктан анын чыгармачылыгындагы бул философиялык-эстетикалык тематика боюнча кеңири сөз кылуу кыйын. Сөзүбүз ошол бир ырдын тегерегинде гана жүрөт.

Текстти талдай келгенде бул ыр алтымыш жашынын ары жак-бери жагында ырдалса керек, өзүнүн кат билбегенин айтат, алдыда ырдалчу ырын «аксакалдар укчу ыр» деп, чыгыш акыны Машыраптын *(Шах Машираб, же Машират думана деген жер кезип жашап, философиялык, сопучулук ырларын чыгарган)* айткан казалдарынын шериги экендигин баш жагында эскертип өтөт.

Эрте аттанган кеч калбайт,
Элдүү жерде ач калбайт.
Кыя бычпай тон болбойт,
Бей сагат күнү жол болбойт,
Эски пахта бөз болбойт,
Жакшыда жаман сөз болбойт.
Бири кам дүнүйө бүт болбойт,
Бирөөнүн акы сүт болбойт, - дегендей традициялуу «болбойт» сөзүнүн кайра-кайра кайталануусун көрсөк, кыйла ырчыларда дамамат кездешип жүргөн:

Жок болбой жонуң ачылбайт,
Бар болбой малың чачылбайт.

Башыңа мүшкүл иш түшпөй,

Малың арзан сатылбайт, - дегендей саптар да колдонулат.

Тайгара Жумаевдин акындык дараметин, ырчылык стихиясын көрсөткөн тема – ашыглык темасы. Алардын образ ачуу чеберчилиги, көркөмдүүлүгү жогору, бул темада ал өз саятка чыкканда салган ободогу куш сыңары эркин сүзүп жүрөт. «Эл ырчылары» аттуу жыйнакка кирген «Ашыглык ыры», «Жайнагам», «Ноодайым», «Акзирек», «Буракжан», «Динарым» деген ырлары аны ашыглык темасында абдан терең ой жүгүрткөн акын экенин, айрым учурда Барпы менен барабар турарын тастыктайт.

Философиялык санат-насыят темасы жана формасы менен махабат темасы айкалыштырылган ыр «Ашыглык ыры». Аны акын «Кең Ноокаттын элинен, Кемел-Ата белинен ырдаганын» айтып өтөт да, жергиликтүү элдин речинде кеңири колдонулган жигарим, абли, эгиз, бахар (жаз), түе (төө), гавлар (кептер, сөздөр), саар, жаңги (жаңы) ж.б. диалектизмдер колдонулат. Ырда Барпынын «Мөлмөлүм» деген ырындагы «кош алма» түшүнүгү абдан кылдат, абдан ширелүү, абдан элестүү берилет жана ал сүрөттөөлөр аркылуу Тайгара акындын жогорку чеберчилигине там беребиз.

Жайылып аккан суудайым,
Жар-Мазар тиккен туудайым.





Жан үка сиздей сулуудан,
Жез чылапчын, жез чөөгүн,
Алдырып алсам Кашкардан.
Аптама менен чайдоосту,
Тандатып алсам Ташкенден.
Кололуу кумган чылапчын,
Мен Кокондон алдырсам,
Күмүштөн кылган билекти[30],
Мен колуңа салдырсам.
Үпаң менен эндигиң,
Үч-Турпандан алдырсам.
Кас элечек четине,
Катарлап маржан чөгөртүп,
Алып кетем Алайга.

Бул саптардан көрүнүп тургандай, Ноокат элинин соодагерлеринин Кашкар, Ташкен, Кокон, Үч-Турпан шаарлары менен соода-сатык байланыштары түзүлгөнүн, колунда бар адамдар жез чылапчын, жез чөөгүн, аптама чайдоос, кололуу кумган, чылапчын дегендей тиричилик буюмдарын алдырып тургандыгын, сулуулук буюмдары катары күмүш билерикти, упаны, эндикти колдонгонун, кийимдеринин ичинде катарлап маржан чөгөрткөн кас элечек болорун билебиз. Азыр бул буюмдардын көбү пайдалануудан чыгып калгандыктан ал түшүнүктөрдү

30 Билек – билерзик, билерик

туюндурган сөздөр да речибизден сүрүлүп калды. Ушундай шартта Тайгара Жумаевдин ырларынын мааниси да өзгөчө.

Кыргыз ырчылар чыгармачылыгындагы классикалык ырлардын катарында туруучу чыгармалардын бири Тайгара Жумаевдин «Жайнагам» деген ыры. Мындагы башкы идея – сүйгөнүнө жетпей арманда жүргөн адамдын өксүгү. Сүйгөн адам – ырдагы лирикалык каарман, же акын өзү дейли. Ал эми ыр багытталган объект – Жайнак аттуу (балким аты өзгөртүлгөндүр) келин, анын күйөөсү бар, тексттеги маанисине караганда ал Араван жактан Маңгыт деген айылдан (ушундай эле аталышта уруу да бар). Акын бир жеринде «Сизди кошуп ырдадым, бир жүз он алтынчы жылында» дегени бар, демек, ал жыйырма-отуз жаштарында (1916-жылы) ырдагандай. Ага чейин ал сарт, кыргыз, ногойду аралап келгенин, азыркы бөлүштүрүү боюнча Кытай Эл Республикасынын Шыңжан аймагынын Кашкар, Тажик Республикасынын Каратегин, Оро-Төбө, Өзбекстан Республикасынын Ташкен, Жиззак облусунун Заамин жерлеринде, Фергана өрөөнүндө болуп келгенин айтат, ошончо жердин ичинен аваз кылып келсе, бул келин: «Жарим жандуу жанин жария кылат», «көзүнөн аккан жашын дария кылат».

Жайнакты салыштыруу, анын ургаачылык сулуулугун, келбетин, назын ж.б. сапаттарын ачып берүү үчүн поэтикалык речинде абдан таасирдүү, абдан жеткиликтүү,





тарыхый-этнографиялык лексикаларды, фразеологиялык түрмөктөрдү, стилистикалык курулмаларды колдонот.

Мисалы:

«Асалдан шири сөзү»,
«Асилде менин гүлзарым»,
«Сен чамаңдин[31] бир гүлү, биз постондун[32] булбулу»,
«Кекилик сындуу мойну»,
«Күн чырайлуу койну»,
«Көйнөгүң кызыл, бетиң ак,
Көңүлүң жумшак, дениң сак»,
«Көйкөлөгүң көрпө ичик барасындай»,
«Асилдигиң[33] ак таңга[34] сарасындай[35]»,
«Кашы бара ичиктин четиндеги кундуздай»,
«Көзкинасы абадагы чолпон жылдыздай»,
«Кар деймин аппак этиңди,
Кан деймин кызыл бетиңди»,
«Тал чачиңда коңгуроо»,
«Тамагыңдан бир өпсөм,
Ташкендин жыты гүл бурайт»,
«Күн чырайлуу Жайнагым»,
«Сенин ак дөшүң бүткөн чынардан,

31 Чамаң – гүл эгилген, гүл чыккан жер (гүлзар)
32 Постон – бостон (жемиш багы)
33 Асилдигиң – сапатын, даражаң
34 Ак таңга – кумүш теңге (акча)
35 Сарасы – тазасы, жогорку сапаттагысы

Кыл чачың бүткөн тумардан» ж.б.

Фольклорист жана фольклор жыйноочу Сулайман Кайыпов өткөн кылымдын 80-жылдары эле Тайгара Жумаевдин чыгармачылыгына мындай баа берген: «Анын чыгармачылыгы жергиликтүү элдик поэзия менен тыгыз байланышта. Кыргызстандын түштүгүндө аябай өрчүгөн санат, насыят жана ашыглык ырларын көп ырдап, бүткүл ырчылык жүзү ушул темадагы чыгармачылык дарамети, ырларында ачылат. Акындын өзү жөнүндө: «Санат ырды саз айтам, бирин койбой таза айтам, ашыглыктан ак айтам» деп ырдаганы да чыгармачылыгы ушул багытта өнүккөндүгүн айгинелеп турат. Ошондой эле айтыштары, жаңы турмушка карата чыгарган ырлары да анын айныбас төкмө ырчы экендигинен күмөн санатпайт»[36]. Мына ошол пикир менен толук келишүүгө болот. Өкүнүчтүүсү ал кечээ жакында, 1981-жылы, каза тапса да, чыгармаларынын кеңири жазылып калбагандыгы. А балким изилдеп отурсак, дагы да кимдир бирөөлөр жазып алган тексттерди кездештирип каларбыз.

Дагы бир көркөмдүк деңгээли мыкты туундусу – «Ноодайым» ыры. Ыр арналган келиндин аты *(балким жашырып атаган ысымы болушу да мүмкүн)* Ноодайым, аны «чымыны жок чын Алайдан» дейт.

Кыйладан бери кол тийбейт,

[36] Кайыпов С. Баш сөз. Китепте: Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.: «Кыргызстан», 1981. – 11-б.





Каттабай калдым тоо жакка.
Мен – талаада, сиз – товда,
Элимде сулуу ак Ноода.
Экөөбүз эки жердебиз,
Качан бир болот бир соода.
Күңгөйүңдө бадам бар,
Күн чыйрайлуу, Ноодайым.
Күйгөндөн ырдайт адамдар
Жандамада булагың
Жандатып атым сугардым.
Айлыңа басып баралбай,
Ич амалым табалбай,
Күйгөнмнөн ыр кылып,
Ноодайым деп чыгардым, - деген саптарына караганда сүйгөн адам менен сүйүлгөн адамдын ортосунда чоң тоскоолдук бар, алар: биринчиси – экөөнүн эки жактан, бири тоолук, бири – талаалык болушу, демек, тез-тез жолугушуп турууга шарттын жоктугу; экинчиси – сүйдүргөн зайыптын күйөөсү бар экендиги, калың төлөй албагандан анын жат элге кетиши. Биз башында айтып өткөнбүз Тайгара куш салган, чоң атасы да айтылуу саятчы болгон. А мындай кесиптегилер Ноокаттын Кыргыз-Атасынан ашууларда ашып, Кичи-Алайга, Чоң-Алайга кетип турган. Балким ошол мергенчилик учурунда көзүнө чалдыккан бир сулуу ушул ырдын каармандары болуп калышы. Акындын көптөгөн

ырларында анын куш таптоо, куш салуу өнөрүнүн издерин кадимкидей байкайбыз: салыштырууларда, эпитеттерде, метафораларда, же жөн эле поэтикалык речинде улар, ылаачын, кекилик, кыргыек, бөдөнө, булбул, сааба чымчык, карчыга, күкүктүн сайнеги, ак аркар, көк карга ж.б. тоо канаттууларынын жана жаныбарларынын аталыштары көп колдонулат. А түгүл алар аркылуу акындын биолог-натуралисттик көрөңгөсүн да өзүнчө изилдөөгө болот.

Калемпир мончок, карсылдак,
Шуру мончок, ак седеп,
Такканыңыз күйгүзөт.
Күн көргөзбөй кош алма,
Бакканыңыз күйгүзөт.
Ак аркар сындуу моюнуң,
Ак алма жыттуу коюнуң.
Сабылып жерге түшпөгөн,
Сабагы каттык алмаң бар.
Сааба чымчык[37] мен болом,
Саар туруп сайрасам,
Салкын сенин койнуңда.
Чын ашыглар өлгөндө,
Чынар терек болот дейт.
Чынар терек шагына,
Булбулдар сайрап конот дейт.

37 Сааба чымчык – кышында келген сайрагыч чымчык





Булбул менен гүл ашык,
Ноодайым менен биз ашык.
Бурма көкүл ак Ноода,
Буйруса бизге мунасип[38].
Айылдан чыксаң ай болуп,
Арка чачиң май болуп.
Короодон чыксаң үлп этип,
Коңур чачиң жылт этип.
Ак седебиң тагынып
Арка чачиң майини[39],
Алайдын шибер сазындай.
Койнуңда жатсам гүл бурайт.
Көчкөндө минсең көкчөнү[40],
Көчтүн көркү, Ноодайым.
Көкүрөктө кош алмаң,
Дөштүн көркү, Ноодайым.
Сенин мындай экениң,
Биле албадым, Ноодайым.
Атайи самап мен барып,
Такаат кылып үйүңө

Кире албадым, Ноодайым, - деп ырдаганда анын ички бугу, таза ышкысы көкүрөктөн атып чыгат. Ал кыргыз элинин күйгөнбай, сүйгөнбай ырларынан, өзгөчө ичкиликтердин

38 Мунасип – насип кылат, кудай буйруйт
39 Майин – майда, өтө жумшак
40 Көкчө – көгүш ыраң жылкы

ашыглык лирикаларынан тартып, Барпы сыяктуу комузсуз ырдаган апыздардын, а түгүл Чыгыштын сүйүүнү сүйүп ырдаган классиктери Омор Хайям, Саади, Хафиз, Низами, Жаами, Навои, Хосров сындуу акындардын чыгармаларынан таасир алган. Ушулар чыгармаларында жыш колдонгон ыр куруудагы параллелизм, референ ыкмалары, обондуулук Тайгаранын чыгармаларында да кеңири пайдаланылат.

Ошон үчүн Ноодайымга арнаган ырынын соңун:

Сары гүл чыгып соолгуча,
Санатың айтып ырдаймын,
Заман акыр болгуча,
Кызыл гүл чыгып соолгуча.
Кылыгың кошуп ырдаймын,
Кыямат акыр болгуча..., - деп бүтүрөт. Мындай финал, мындай концовка чыныгы сүйгөн адамдын айта турган кеби гана эмес, махабатты даңазалоосу, кийинки муундарга сүйсөңөр ушундай сүйгүлө деген ыбараты.

Ушул эле тематика, ушул эле мотив акындын «Акзирек», «Буракжан», «Динарым» деген ырларында андан ары улантылат. Акзирек акынды он эки жашынан оолуктуп келген кыз, аны ырдоо үчүн Таир менен Зуура да ашыглыктын баянына түшкөнүн айтып келип, эми өзү айтат. Ырга караганда экөө бир айылда өсүп, анын Акзирек





оолактап Созокко[41] турмушка чыгып кетип, ырчыны тозокко салат. Акзирек сүйбөй койчу кыз беле да, ырга салбай койчу ургаачы беле? Акын армандуу ырынын бир жеринде анын ким экенин, кандай пенде экендигин айтып өтөт:

Айылыңдан сен чыксаң,
Ак алма бурайт шамалың,
Ай көрүнөт жамалың.
Жамалың жазгы баардай,
Шабдалынын шагындай,
Шааркандын[42] багындай
Жүзүмдүн мейиз кагындай,
Корукка бышкан коондой,
Коондун кагы бурмадай,
Көзгө койгон сурмадай.

Карабайсызбы, мындан бир кылым мурдагы акындын ой жүгүртүүсү, тилдик-стилдик багажы, эл турмушунан алынган этнографиялык салыштыруулары.

Тайгара Жумаевдин ашыглык ырлары кыргыз ырчылар поэзиясынан өз ордун татыктуу ээлөөгө тийиш, тилекке каршы, анын чыгармачылыгы тууралуу окурмандар гана эмес, адабиятты изилдөөчүлөр да жакшы биле бербейт.

41 Созок – азыркы Сузак аталып калган жер
42 Шааркан – азыркы Өзбекстандын Анжиан облусуна караган шаар (Шахрихан)

Тайгара ЖУМАЕВ

БУРАКЖАН

Баарда[43] келет көк карга,
Соодагер каттайт Букарга[44].
Эшикме эшик кыдырган,
Соодагерге көп пайда.
Ааламнын баарын кыдырсам,
Ак бурак сиздей жар кайда?
Овал[45] баар көктөмдө,
Көк чымырап бөрткөндө,
Өрүк гүлүн төккөндө,
Ак-Чавы[46] көчүп чыгышат,
Катта Шанкол[47] төрүнө.
Ай чырайлуу Буракжан
Ааламда адам жоксунуп,
Артыкча кушуң түшүптүр,
Мамасак Шамши[48] көрүнө[49].
Күзүндө келип кыш кетип,

43 Баар – эрте жаз
44 Букар – азыркы Өзбекстандагы Бухара шаары
45 Овал – абал (адегенде, эрте)
46 Ак-Чавы – Ноокаттын Кошчан жана Шанкол суулары кошулган жердеги айыл (уруунун атынан)
47 Катта Шанкол – Ноокаттын күн чыгыш жагында ушундай аталышта өрөөн, тоо, айыл, дарыя орун алган
48 Мамасактын уулу Шамши дегени
49 Көр – көзү азиз, көзү сокур





Кыргыек[50] өтөт газадан[51].
Кылымдар издеп таппадым,
Кыз бурак сиздей тазадан.
Кыз беш көкүл Буракжан,
Кыпкызыл чокко күйдүм мен,
Кыяматтык жарым сен.
Ай чырайлуу Буракжан,
Алоолоп отко күйдүм мен,
Акыреттик жарым сен.
Ай Буракжан экөөбүз,
Ойнобосок, күлбөсөк,
Бу жарыглык дүйнөдөн,
Арман менен өтөбүз.
Миң бир эки даамдын,
Шириндиги туз менен.
Он сегиз жаш жигиттин,
Тириглиги кыз менен.
Айылың үстү кыраңым,
Аңдабайсың алымды.
Аку Бурак сени деп жүрүп,
Ак чөптөй азды ыраңым.
Жаш гана менин жанима,
Жапаны салып кыйнадың.

50 Кыргыек – канаттуу
51 Газа – саятчылар канаттууларга кармоо үчүн тор (тузак) салып койгон жер

Кадырыңды көтөрүп,
Кат кылганын ырдайын.
Кадырданим[52] Буракжан,
Каршы түшүп бир адам,
Жат кылганын ырдайын.
Алтын тилла, жез кемер
Аттиң кетти, белимнен.
Ай чырайлуу Буракжан
Арада душман көп болуп,
Ажырап кетти элимнен.
Аксагы жок ала кой,
Айдап келдиң, Буракжан.
Алтымыш күнү Кошжанды[53],
Жайлап келдиң, Буракжан.
Серкеси жок сада кой,
Айдап келдиң, Буракжан.
Сексен күнү Кошжанды
Жайлап келдиң, Буракжан.
Айры-Баштын даванын,
Ашып келдиң, Буракжан.
Жүзбашыга[54] жетсем деп,
Шашип келдиң, Буракжан.
Ич ким билбейт ишиңди,

[52] Кадырдан – сыйлашкан, кадырлашкан
[53] Кошжан – (Коччан, Кошчан) Ноокаттын күн чыгыш жагындагы тоо, өрөөн
[54] Жүз башы – Кокон хандыгы мезгилиндеги кызмат даражасы





Мен билемин, Буракжан.
Жактырган сенин кишиңди,
Азил бир оюн кептерге,
Жарабай кеттиң, Буракжан.
Жүзбашы менен дос болуп,
Бизиңдей жүргөн карыпка,
Карабай кеттиң, Буракжан
Дос болупсуң зор менен,
Мака[55] чаап буралып,
Басып келсем алдыңа,
Өтө бер дедиң жол менен.
Жактырбадың өзүмдү
Жаним сулуу, Буракжан.
Жамият[56] элдин баарына
Жарыя кылам сөзүңдү.
Алты кабат шак маржан[57],
Ак тамакка тагындың,
Ай чырайлуу, Буракжан,
Аны-мына деп жүрүп,
Ажырап кеттиң – сагындым.
Бозоргон тоонун этеги,
Бозоруп туман кетеби?
Бойгинаңдан[58], Буракжан,

[55] Мака – жүгөрүнүн бир түрү
[56] Жамият – жаамы, жалпы, бүт
[57] Шак маржан – шурунун (мончоктун) бир түрү

Боздогон улан жетеби?
Карарган тоонун этеги,
Кашы кара, Буракжан,
Какшаган улан жетеби?
Пулу толгон байлардын,
Букарга кетет кербени.
Муңайганда арыбайт,
Буракжандын арманы.
Сандыгы толгон байлардын,
Сарколго[59] кетет кербени.
Сагынганда арыбайт,
Буракжандын арманы.
Эгиз тоо башын боз чалып,
Туман алды, Буракжан.
Эриккенде барышка,
Элиңиз бизди ойнош деп
Күмөн кылды, Буракжан.
Карай тоо башын боз чалып,
Туман аа кылды, Буракжан.
Караңгыда барышка,
Калкыңыз бизди ойнош деп,
Күмөн аа кылды, Буракжан.
Арага койгон кишиден,

58 Бойгинаң – боюң
59 Саркол – Памир тарап, азыркы Тажикстандын Тоолуу-Бадахшан облусу





Салам-дубай айтыпсыз,
Салам-дубаң жетпеди.
Бара албай калдым, Буракжан.
Далбаса[60] кылдым алам деп,
Тагдыр эгем буйрубай,
Ала албай калдым, Буракжан.
Асты – Кокон[61], үстү – шок[62],
Айландырып карасам,
Өзүңүздөй ичким жок.
Жаркырашың пычактын,
Пайнегиндей[63] Буракжан.
Жарыглыгың базардын,
Айнегиндей[64] Буракжан.
Муңдуу доошуң күкүктүн,
Сайнегиндей[65] Буракжан.
Карай тоо башын кар алды,
Карчыгаң кууп сар[66] алды.
Канга ылайык башыңды,
Кадырга жетпес бала алды.

60 Далбаса – аракет
61 Кокон – Фергана өрөөнүндөгү чоң шаар. Кокон хандыгынын борбору. Азыр Өзбекстанда.
62 Түпнускасы Сох болушу мүмкүн
63 Пайнек – бычактын кынынын учундагы темир
64 Айнеги – сөздүн мааниси айнек да, күзгү да болушу мүмкүн
65 Сайнек – күкүктүн ургаачысы
66 Сар – кыраан, алгыр куш деген мааниде

Калктар айтат Бурак дейт,
Камчыдан ничке боюңду
Кадыр кылса жан эгем,
Калкыңа берсем тоюңду.
Көрбөдүм Бурак ойнуңду,
Көптөн күйгөн жарыңа,
Көп бурадың мойнуңду.
Көп сагындым Буракжан
Сенин гүл жыттанган койнуңду.
Көрсөтпөй бетиң жашырдың,
Менин көбөйтүп дартым ашырдың.
Ааламда жоктур чырайың,
Айдан бүткөн, Буракжан,
Адамзатта сиздей жок.
Кайдан бүткөн, Буракжан
Жазда ачылган лапарман[67],
Гүлдөн бүткөн, Буракжан.
Абадагы асмандын.
Жылдызындай, Буракжан.
Адамзатта сиздей жок,
Үр кызындай[68], Буракжан.
Бермет шуру тагынып,
Жүргөнүң элден артыкча.

[67] Лапарман – эрте ачылган гүлдүн бир түрү

[68] Үр кызы – бейиштеги же жомоктордогу адамдарга жакшылык алып келүүчү кыздар





Айылдан чыксаң буралып,
Басканың элден артыкча.
Адамды көрсөң кылчактап,
Качканың элден артыкча.
Отуздан жашиң ашканча,
Өмүрүң орто болгунча,
Кыркка жашиң жеткинче,
Кыз чырайың кеткинче,
Ойнобойсуң, күлбөйсүң,
Ойноп доор сүрбөйсүң.
Озондотуп ырдатып,
Жаргинаң[69] көзгө илбейсиң.
Күйүп жүргөн жаргинаң,
Күлүп коюп тиктесең,
Күлүстан көңүлү жеңилет,
Сизге куштар болгонум,
Түрлүү кыргыз эл билет[70].

[69] Жаргинаң – жарың, күйөөң

[70] Бул китептен алынды: Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.:. «Кыргызстан», 1981. – 122-126-66.



# МАМАСЕИТ

Мамасеит (Мамасайит) Базарбаев тууралуу маалыматтар биз кездештиргенден эки китепте дурус берилген. Биринчиси, Сулайман Кайыпов түзгөн жана «Кыргызстан» басмасынан өтө көп нускада – 20000 даана чыккан «Эл ырчылары» деген китеп. Бул эмгек жарык көргөн 1981-жылы анын түзүүчүсү илим жолуна барууну кыялданган дымактуу жаш изденүүчү эле. Илимдер академиясында ага белгилүү фольклор жыйноочу жана изилдөөчү Сапарбек Закиров институттун кол жазмалар фондунда жаткан, али элге таанылa элек кишилердин чыгармаларын топтоп китеп кылалы деп тапшырма берген экен. Албетте, ал кезде Балык (Балык ооз) Кумар уулу, Жеңижок Өтө уулу, Эшмамбет Байсейит уулу сыяктуу ырчылардын чыгармаларын басуу кыйын болчу, компартия азуусун кайрап, тоталитаризмдин арааны жүрүп турган кез.





Канат-бутагынан айрылып болсо да ошол китеп[71] жарык көргөнү абийир болгон экен, андан бери дале Жеңижоктон башкасынын китептерин чыгара алган жокпуз. Жогорудагы Тайгара Жумаевдин ырлары да негизинен ошол китептен алынып жатпайбы.

С.Кайыпов өзү чыгармаларын сунуштап жаткан Мамасаиттин туулган жылы 1905-жыл экендигин, туулган жери Төө-Моюн айылы болорун, жети жашынан атасы каза болуп, Ноокаттын Кыргыз-Ата айлында тагаларыныкында чоңойгонун жазат. Ботобай, Мамасадык, Төрөкул деген ырчылардан таалим алгандыгын, өзү кат таанproblemsбагандыгын, көпкө чейин эл алдына чыгып ырдабагандыгын да айтып өтөт. «Акын терме, насыят ырларын көп ырдайт. Элдик чыгармалардын ичинен түштүк кыргыздарга дээрлик белгилүү болгон «Мырза уулду» жана айрым жомокторду ыр менен айтат. Бул жыйнакка анын айрым гана ырлары жалпы окурмандарга тааныштыруу максатында киргизилди.

Мамасеит Базарбаевдин чыгармалары жана ал тууралуу материалдар Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталып турат»[72], - деп жазат С.Кайыпов акындын ырларын окурманга тартуулап жатып кириш сөзүндө.

[71] Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.: «Кыргызстан», 1981. – 264-б.
[72] Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.: «Кыргызстан», 1981. – 189-б.

Ыр топтому ошол кездеги шартка (заманга) ылайык «Ленин», «Кыргызстан» деген саясый-ураанчыл ырлар менен башталат да, андан ары социализмдин жеңишин мактаган «Төө-Моюн» деген ыры берилет. Автобиографиялык «Фронттук ырлар», адептик-ыймандык «Аялдардын мүнөзү», «Терме-насыят», ашыглык темасындагы «Жээним», «Молдо кыз», «Ак дилбар», «Ыргалым» деген секетбайлары жана элдик чыгарманын сюжетин кайра иштеп чыккан «Мырза уул» деген ыры сунушталат. Жогоруда түзүүчү айтып атпайбы, анын айрым гана ырларын жалпы окурмандарга тааныштырып жаткандыгын, демек, кол жазмалар фондунда анын чыгармалары дурус эле бар экен. С.Кайыпов дал ошол кол жазмалар фондусундагы материалдарга таянып, ырларын жарыялап, өмүр жолун берип жатат.

Мамасаит Базарбаев тууралуу дагы бир маалымат жана анын «Молдо кыз» аттуу ыры Буудайбек Сабыр уулунун «Эл шайырлары» деген китебинде[73] берилет. Буудайбек Сабыр уулу эл ичин жарым кылымдай кыдырып, манасчылардын, комузчулардын, санжырачылардын, жомокчулардын, акындардын, кыякчылардын, чоорчулардын чыгармаларын жыйнаган, андай таланттуу адамдарды айылдардан алып келип, өз үйүнө алып келип, чыгармаларын радио-телеге жаздырган. Менин да ал

[73] Сабыр уулу Б. Эл шайырлары. Адабий маек. – Б.: «Турар», 2008. – 508 б.





кишини редакциябызга ээрчитип келген кишилер менен бирге таанышкан жайым бар.

Мамасаит аксакал менен Буудайбек ага кайсыл жерде (айылдабы, же борбордобу) кездешкенин жазып кетпептир, бирок экөө бетме-бет отуруп кеңири маектешкен сыяктанат. Сабыр уулунун жазган стилине байкоо салганда ошондой.

Бул материалга караганда Мамасаит 1905-жылы эмес, 1895-жылы туулган экен. Ошол Төө-Моюнда. Уруусу – беш найман. Бул уруунун аталышы, курамы, таралышы тууралуу Абдимамат Абдрахмановдун «Өзгөргөн өрөөн – Төө-Моюн» деген китебинде[74] кеңири берилген.

Эки киши тең Мамасаит Базарбаевдин киндик кан тамган жери Төө-Моюн өрөөнү экенин айтып атышат. Ал азыр Ош облусунун Араван районуна карайт. Араван районунун карамагы район деп аталууга кичине болуп калганбы – эки жерди кошуп берген, бири тоо ичиндеги анклаб – Ноокатты аралап өтөт: Кичи-Алай, Чөгөм, Кожокелен деген бийик тоонун арасы, экинчиси – ушул Төө-Моюн өрөөнү. Ал жерде Жеке-Мисте, Керкидан, Найман, Сары-Таш, Сырт, Ауз (Хауз) деген айылдары бар. Араван району 1958-жылдан бир топ жыл Ноокат районунун курамында турду.

[74] Абдрахманов А. Өзгөргөн өрөөн – Төө-Моюн. – Ош, 2017. – 72 б. http://www.okuma.kg/books.

Эми Мамасаит ырчынын Ноокаттан чыккан ырчыларга кошуп жатканыбыздын жөнү, ал да Кожо-Абаддын Каныя-Бостон айлында туулганы менен чыгармачылыгын Ноокат жеринде жараткан, ноокаттык Кара-Таш айлынан атуулу катары таанылган Ботобай Жунус уулу сыяктуу эле, Ноокат жергесинде бала чактан жашап, инсан жана ырчы катары калыптанган, жетилген жана Ноокат жерин жана ноокаттыктарды ырга салган.

Жогоруда С.Кайыпов анын Ноокаттын Кыргыз-Ата айлында тагаларыныкында чоңойгонун айттык, ал эми Буудайбек Сабыр уулу анын бала чагын бир топ кенен жазат.

Айтуудан бала алтыга чыкканда отуз сегиздеги атасы каза болуп калат. Ошондо атасынын бир тууганы Орозаалы Мамасаиттин апасын бир кызы менен кетирип, эркек бала катары аны алып калат. Абасынын колунда калган Мамасаит ашта-тойдо ырдай коюп жүрөт, өзгөчө ичкилик кыргыздарындагы өтө популярдуу жана варианттары көп «Алчадияр» деген ырды ырдай коюп жүрөт.

Орозаалынын да аялы өтүп кетип, Багдагүл дегенге үйлөнөт, ал Мамасаитке ташбоорлук менен карайт. Беш-алты эчки багып, чөп-чар оруп келген баланы иштен бошотпой коёт, дурустап тамак да бербейт. Бут кийими жок, саман салып мал байлаган акырга жатат. Ошондо атасына арызын айтып арман ырын чыгарат:





Алоолоп жүрөк алсырайт,
Аталууну көргөндө.
Айнектей көзүм жалдырайт.
Арман жаш көздөн тамчылайт,
Алтындан комуз чаптырып,
Гүүлөп кетсең болбойбу.
Ардактан баккан жалгызың,
Жалдыратпай ар кимге
Үйлөп кетсең болбойбу?

Бул ыр бир кыйла узак. Ушундай тагдыр анын ырчы болушуна түрткү берди. Бир күн орогун жоготуп келсе, Багдагүл тамак бербей, көчөгө айдап чыгат. Ошондо Багдагүлдүн акаси Бакир деген киши ага боору ооруп тамак берип, тагаларыңа качып кет дейт.

Жер кар, ал болсо жылаңаяк Ноокатты көздөп качат. Адегенде Мадересеге, анан Көк-Жарга келет. Ал жерден дагы бир тааныган киши Бердибай деген туугандары атына учкаштырып, Ак-Өтөк деген жерине алып барып баласы Балтабайга кошуп коёт. Дагы эле кар аралаш жамгыр үч күн жаайт. Жайнак деген баладан Ноокатка барыштын жолун сурайт. Ал өзүнүн жери Бел-Өрүккө Төө-Моюндун наймандарынан келип түшкөн эжеси Суксурдукуна алып келет. Өзүнөн беш жаш улуу эжеси аны атасы тирилип келгендей тосуп алды. Жездеси Сулайман да жакшы тосуп алган менен алардын үйүнө беш күн зорго батты. Анан

кийин апасынын Зайнеп деген сиңдисин издеп Кашкалдакка Калбай деген тажездесиникине келди. Менин ушул жакта тагаларым бар эле карай алабы деди. Жездеси анын Ысмайыл, Төрөкул деген тагалары бар экенин, бирок экөөнүн тең катыны жоктугун айтып баш чайкады.

Ошол Калбай (Калыбай болушу да мүмкүн) өзүнүн бир досу Жолдубай дегендикине алып барат. Ал эчки кайтартмак болот, акысына бир жылга жарым чейрек[75] мака, жарым чейрек буудай берүүгө келишет. Жолдубай, анын зайыбы Күлүсүн, үкаси Молдобай, анын зайыбы Парчагүл – төртөө тең жакшы адамдар болуп чыкты. Энелери жетимишке келген Ташмама өзүнчө эле сүйүнөт, себеби, балдарынын уулдары жок экен, Мамасаит барганда эки келини тең эркек төрөйт, ак жолтой бала экен деп өзгөчө карайт. Ошол убакта атасынын бир тууган эжеси жесир калып, турмуштан жолу болбой дал ушул кашкалдыктык Абдыкалык уулу Матсак дегенге аял болуп келет. Мамасаит Жолдубайдын колунда жети жыл жүргөндөн кийин ошол эже-жездесинин колуна келет. Ал жерде кетмен чаап, эгин сугарып, дыйканчылык менен үч жылдай шугурланат. Албетте, жигиттик курак кимдин гана делебесин козгобойт, «Ак Дилбар», «Ак Ыргал», «Зоо Дупар» деген күйгөн ырларын чыгарат. Айтуудан ал баргылардан чыккан Маматкул уулу Жусуп дегендин

[75] Чейрек – элүү килодой





«Абдылдабек» деген дастанын үйрөнүп алып, ырдап отурганда ыйлабаган жан калбайт экен. Баргынын бир уулу Алымбек датканын туну Абдылдабек Орус аскерлери басып киргенде аларга багынбай тоолорду аралап качып кеткени, ал жакта – Ооганстанда каза болуп, жүрөгүн Алайга берип жибергени эл арасында уламыш катары айтылып келет. Мамасаит ушул адам тууралуу дастанды айтчу экен.

Анан да жайлоодо бир көрүп атын да билбеген сулууга арнап «Молло кыз» деген ырын чыгарат.

Алиптин[76] башы катта[77] бар,
Авли дубал[78] сартта[79] бар.
Кең Ноокаттын ичинде
Молло кыз айым датка бар.
Узун-Мурун, Кыр-Жонос,
Кыргап көчүң салайын.
Урулуу Ноокат ичине,
Ырдап даңкың жаяйын.
Көчкөндө миндиң аланы,
Көзгө илбейсиң баланы.
Жагалдайбай секин бас,
Жамалың көрүп калайын.
Койнуңда пышкан кош алма

[76] Алип – араб алфавитиндеги биринчи тамга
[77] Кат – жазуу
[78] Авли дубал – короо-жайды коргон уруп тосуп чыгуу
[79] Сарт – отурукташкан (шаарлашкан) калк

Бирин тандап алайын,
Элиме алып барайын,
Элим кылсын бир куллук[80]
Эсил жаным бир куллук.
Калкыма алып барайын,
Калкым кылсың бир куллук,
Кайран жаным миң куллук, - деп баштап, Молло кыздын «кызылды кийсе жарашкан», «алчынбар кийсе жарашкан» боюн ырдап, аны кызгалдактын бир гүлү лалага, Ындыстан[81] кеткен туйгундун баласына ж.б. нерселерге салыштырып отуруп, өзүнүн ага ашык болгонун айтып чыгат.

Жаштык чагында чыгарган анын «Молло кыз» деген ыры менен тематикасы да, стили да, көркөм-эмоционалдык бөёктору да жакын «Ак Дилбар», «Ыргалым», «Жээним» деген ырлары жазылып калган. Булардагы башкы өзгөчөлүк – ачыктык. Өзүнүн ашыглыгын да, ашык болгон кыздын образын да ачык, таза бойдон, булгабай тартып бергендигинде. Булар акындын чыгармачылык өз алдынчалыгын, акындык бийиктигин көрсөткөн күйгөн ырларынан.

XX кылымдын 20-жылдарынын этегинде, тагыраагы, 1928-жылы айыл чарба артелдери түзүлүп, 1932-жылы алар

[80] Куллук – кут болсун айтуу
[81] Ындыстан – Индия





ирилешип колхоздор уюштурулат эмеспи. Ошондо бул жерде «Кызыл Бостон» колхозу түзүлөт да тракторлор келе баштайт, бирок аларды айдаган киши жок. Мамасаит 1932-жылы трактористтердин курсуна барып окуп келип, Кашкалдактагы алгачкы тракторду минет. Эки жыл трактор айдайт. Бул арада жашы отузга келип, Бүбүайша дегенге баш кошот. Ушул жылдарда жалпы Ноокат жеринде тамеки айдала баштайт, колхозчулардын көпчүлүгүндөй эле жаш жубайлар тамекичилик менен шугурланат. Биринчи уулу Кубатаалы төрөлөт.

Эмгек менен маданий турмушту аралаштырабыз деген советтик коммунисттер менен комсомолдор элдик чыгармачылыкты өстүрүүгө өзгөчө маани берет. 1937-жылы Мамасаит Базарбаев Фрунзе шаарында өткөн элдик өнөрпоздордун олимпиадасына Ноокат районунун атынан катышат. Бул жыйынга катышуунун өзү жалпы элге-журтка таанылуу болору түшүнүктүү.

Жалпы ноокаттыктардын түшүнүктөрүн, карым-катышын, дипломатиялык, соода-сатык мамилелерин анын ырындагы бул саптардан аңдап билүүгө болот:

Кара чай кени Кашкарда,
Ат жакшысы Саңсарда,
Кой жакшысы Ысарда,
Уламалар Букарда,
Түлкүнүн кани Жумгалда,

Эчкинин кани Тарколдо,
Топоздун кани Сарколдо,
Шалынын канин ырдасам,
Айым-Кышлак, Дардакта,
Меванин кани Чарвакта,
Күрүчтүн кани Анжиан,
Майиздин кани Наманган,
Парчанин кани Маргалан ж.б.

1941-жылы Улуу Ата мекендик согуш башталат. Ошол эле жылдын декабрь айында аскерден калтырганына моюн бербей, өз ыктыяры менен майданга кетет. Бул тууралуу «Фронттук ырлар» деген өмүр баянынын согуш учурун ыр кылып айтып берген чыгармасы бар. Анын маанисине караганда аскерге алынгандар поезд станциясында турган, эшелон Оштон келди, Корчаковдон *(Горчаков, азыркы Кува шаары)* буларды алды, эртеси күнү кечинде Ташкенге барды, анан Арыс – Алматы – Новосибирь деп он эки сутке жол жүрдү, кийин Питрипавис деп жүрүп, акыры Белгират деген шаарга жетти. Ырдын маанисине караганда майданда анын колуна ок тийет, жаратынан догдурдан айыгып чыгат, «пардашы кеткен пронтко, кайтадан дагы апарат». Мына согуш картинасы:

Өрмөлөп секин баспасаң,
Өпкө менен ичке атат.
Калтыс жерге жатпасаң,





Кабырганды кыйратат.
Жаздоо жерге жатпасаң,
Жамбашыңды үзө атат,
Бардыгын ушундай какшатат.
Самолёт келет асманда,
Күн көрүнбөй учканда.
Жер солкулдайт арман ай,
Ызы-чуу кылып ыйлатат,
Аз келгенсип онусу,
Снаряд менен мина атат[82].

Согуштагы фронт темасы, «майдан репортажы» төкмө акындардын чыгармачылыгында эң мыкты деңгээлде ушул Мамасеит Базарбаевдин «Фронттук ырларында» чагылдырылат.

Бир жолу урушка кирерде жети жүз киши киргенин, анан айыл тазаланганда ошондон элик беш гана киши калганын өз көзү менен көргөн реалдуу турмуш катары ырына салып өтөт. Немецтер менен жекеме-жеке кармашка чыкканын, өзүнүн «немистер турат балдырап, мен жатамын жалдырап» деген абалын элестүү берет. Согуштардын биринде ушул ырына караганда жети жерине осколка тийет, өлүм менен кармашып, төрт ай жатып, «Раним гүлдөй сакайды, жаткан менен пайда жок, жөнөтмөк болду

[82] Эл ырчылары. Түз.: С.Кайыпов. – Ф.:. «Кыргызстан», 1981. – 203-б.

пронтко». Анан дагы бир чабуулдардын биринде эки аяктан ок жейт.

Тарыхый биографиялык маалыматтарга таянсак М.Базарбаев Белгород, Николаевка шаарларында согушат, Экинчи Украина фронту менен көптөгөн чабуулдарга кирет. Венгрияда жарадар болуп, үч ай Румынияда тоо ичиндеги бир госпиталда дарыланат. Аскердик-врачтык комиссия аны экинчи топтогу майыптыкка чыгарып, тылга жиберет. Бул убакта советтик жоокерлер Европага өтүп калган. Ал согуштагы эрдиктери үчүн жогорку сыйлыктардын бири болгон үчүнчү даражадага «Даңк» орденине жеткен. Батышта «Көрсөтөр бекен кудайым, артымда Кубат уулумду, тили ширин булбулду» деп ырдап жүрүп уулу Кубатаалыга аман-эсен келип, тынч жашоосун үч жылдай ноокаттыктардын негизги жумушу болгон тамекичиликте улантат.

Улуу жеңиштен кийин 1945-жылдын күзүндө туулган жери Төө-Моюнга кетет. Бир жылдан соң – 1946-жылы эл чыгармачылыгынын республикалык кароо-сынагы болуп, анда Төө-Моюндан барган ырчы биринчи даражадагы дипломго жетишет.

Мамасаит Базарбаев Төө-Моюнга ата журтуна көчүп барган соң ал жерден орун-очок алат, Жызактын Заамин жерлерине чейин барып ырдап жүрөт. Төө-Моюндун дың жерлерин өздөштүрүүгө катышат, 1970-жылы Лениндин жүз





жылдыгында го «Төө-Моюн» деген ырын чыгарып, анда «Каңгып жаткан чөлдүн, какшып жаткан жердин» кандайча жол менен абатташтырылгандыгын ырга салат, «Турпагың – күмүш, ташы – алтын, кыргыздын жери – Төө-Моюн, кызыгып элдер иштеген, кыйбат баа Төө-Моюн» деп толкуп алат. Бул өрөөндүн Салма-Баш, Кур-Таш, Керкиден, Тал-Мазар, Куба, Палбан-Таш айылдарынын ортосунда турганын айтып, баш жагына Найман көлү[83] курулганын сүйүнө ырга салат.

Колхозчу акын 1963-жылы пенсияга чыгып, жеке чарбасында дыйканчылык кылуу менен бирге эле ырын ырдап жүрөт.

1976-жылы дагы эл чыгармачылыгын республикалык кароо-сынагына чакырылып, анда да биринчи даражадагы дипломго ээ болот.

Баласы Кубатаалы инженер-электрик, кийинки уулу Жолдошаалы Төө-Моюндагы 18-айылдык техникалык окуу жайында мастер болуп иштейт.

---

83 Найман суу сактагычы – Ноокат районунун аймагында, Көк-Жар кыштагынан 5-6 км түштүгүрөөктө жайгашкан. 1963-жылы курула баштап, 1968-жылы ишке киргизилген. Суу сактагыч Кыргыз-Ата, Чиле-Сай,Косчан, Шаң-Кол, Апшыр-Сайдан суу алат. Сыйымдуулугу 39,5 млн м3, узундугу 8 км, жазы жери 2 км, терең жери 37,6 м, суу толгондогу аянты 4,23 км2. Араван районундагы Төө-Моюн талаасынын 6 миң га жери сугарылат. Суу өткөрүү мүмкүнчүлүгү 15,2 м3 /сек болгон канал чыгарылган. Плотинанын узундугу 265 м, туурасы 6 м, эң бийик жери 40,5 м. Суу толтуруу жана сугатка чыгаруу иштери автоматташтырылып, телемеханикалаштырылган (https://ky.wikipedia.org)

Мамасаит БАЗАРБАЕВ

## ТЕРМЕ-НАСЫЯТ

Өксүгү болот өлүмнүн,
Зарпи күчтүү залимнин,
Кекеничи[84] болот ганымнын[85].
Каркытын[86] кылып тоба де,
Чымындай азиз жаниңнин.
Эсеби болот бир күнү,
Азың-көбүң малыңнын.
Мукуму болот муруттун,
Жааны келет булуттун.
Жыловунда кызыр бар
Журт башкарган улуктун.
Мааниси улук марттиктин,
Кайыры болбойт катыктын[87],
Гави жакпайт тантыктын,
Канааты[88] болбойт ачтыктын,
Добу[89] жүрбөйт мастыктын,
Доору балант[90] жаштыктын.

---

[84] Кекеничи – кектөөсү, кеги
[85] Ганым – душман, кас
[86] Каркыт – камы, камылгасы
[87] Катык – бышык, кайрымсыз
[88] Канаат – топук кылуу, ыраазы болуу
[89] Добу – доосу
[90] Балант – бийик, жогору





Элиртип колун таштаса,
Баасы кымбат күлүктүн.
Өзү келип түшпөсө,
Табы каттык бүркүттүн.
Канаты кайкы шумкардын,
Танапы жазы тулпардын.
Белге чалган белдиктей,
Медери болот тууганды н.
Асти иши оңолбойт,
Азалтан кудайургандын.
Дүнүйөсү буйрубайт,
Жебей-ичпей жыйгандын.
Айваты болот сүрдүүнүн,
Акылы даана тилдүүнүн.
Көңүлү жарым муңдуунун,
Кошумча болуп оокатка,
Колу узарат уулдуунун.
Түктүү айван чарс[91] болот
Жаманга давлат келгенде,
Бечара сипат пас болот.
Жолу арбыйт аттувдун,
Даранааси[92] зор болот,
Жол тааныган катуудун.

---

[91] Чарс – орой, копол
[92] Даранаа – даража, даңк

Балдары чаки[93] иш тутпайт,
Бабасы көргөн баштувдун.
Артуу-артуу жер келсе,
Атандар тартат бүгүлүп.
Алыстан кара көрүнсө,
Аргымак жетет жүгүрүп.
Барыш-келиш кылбаса,
Бир trуган кетет түңүлүп.
Жез эскирсе дат болот,
Желеде күлүк жетилип,
Аргымак бөдөв ат болот,
Ага-ини, карындаш,
Катташпай кетсе жат болот.
Жакшыда насаат гап болот,
Жамандан киши дак болот.
Мүнөшкөрдүн салганы,
Бозум түлкү куш болот.
Моймолжуган сулув кыз,
Март жигитке туш болот.
Кар эрисе сув болот,
Карыса сакал кув болот.
Кан белгиси тув болот.
Кан сактаган чоорунун,
Жүрөгү зардап суу болот.

[93] Чаки – туура эмес





Мергендин белин какшаткан,
Беш карыш теке ув болот.
Араваны токтоткон,
Кара балчык гарт болот.
Гарып кылган жигитти
Кара мээнет дарт болот.
Жоргонун мойнун жол кесет,
Жакшы аттын мойнун ок кесет.
Жары өлүп жакшы эрлердин
Көкөйүнү жок кесет.
Токсон түшсө, күн кетет,
Чилде чыкса, муң кетет.
Буйлалаган түедей,
Буйрукка карап кыз кетет.
Почтовой менен кат кетет,
Пайгадан озуп ат кетет,
Азары журтка өтүлүп,
Элиңден дарман бет кетет.
Ындыстан карап куш кетет,
Улуктар түшсө борбудан,
Колудан амал иш кетет.
Картайганда кишинин,
Белиден кубат, күч кетет.
Акыл менен иш кетет.
Ээктен кашка тиш кетет,

Нак жүрүп агын сай кетет.
Маңдайды жарып ай кетет.
Канаат кылбай дүйнөгө,
Бай-байлап жүрүп бай кетет.
Темене канат тетилип,
Тегиң куйрук жетилип,
Ак шумкар учат уядан.
Өткөн өмүр билинбейт,
Өлгөндөр кайра тирилбейт.
Колуңда тириң[94] болбосо
Боз карчыга илинбейт.
Жарылбай жара сакайбайт,
Жакшынан габин катарда айт.
Сыйлабай мыйман гүзөлбөйт,
Өмүрү өтүп кеткиче,
Жамандын пейли түзөлбөйт ж.б.

[94] Тир – кушту тазакка түшүрүү үчүн коюлган жем





## БЕКНАЗАР

Бул ырчы тууралуу кеңири маалыматтарды кездештире албадык. Бир гана Барпынын томдуктарына анын ошол Барпы апыз менен жолугушуусунун чакан тексти берилип жүрөт. Ноокаттын Жүлгөсүнөн деп айтылат. Азыр ал жер Төөлөс айыл өкмөтүнө карайт. Бул жерден Кокон хандыгынын тарыхын жазган («Фергана хандарынын тарыхы») Зиядин Максым уулу (Мухаммед Зияуддин Максум-Дамулла Шариф уулу, Зиядин Магзуми) чыккан. Бул кыштак азыр эми Өзбекстанга карап калган ичкери шаарларга жакын жайгашкандыктан жана ата-бабаларында диний аалымдар арбын болгондуктан исламга кызмат кылган адамдар көп чыккан. Айылда негизинен ичкиликтердин төөлөс уруусундагылар жашайт. Бекназар ырчы Барпы менен жолугушууда: «Кереит шорон уругум», «Кереит менен тайшиттер, отуз уулдун баласы» деп айтат. Барпы андай болсо сенин түп атаң Катаган дейт.

Бекназардын атайын учурашуу үчүн, кол берүү үчүн ат арытып, Барпынын үйүнө – Сузактын Ачы деген жерине барышына караганда анын ырчы болсом деген ниети, тилеги, дымагы кыйла күчтүү сыяктанат. Тилекке каршы, акындын ырларын таба албадык. Бир айтышы болсо да окуп

коюңуздар. Балким дагы ал киши тууралуу маалыматтар, чыгармалары табылып калышы ыктымалдыр.

## НООКАТТЫК ЖҮЛГӨЛҮК БЕКНАЗАР ЫРЧЫНЫН БАРПЫГА ЖОЛУГУШУ[95]

*Бекназар:*

Алдыңа келдим алыстан,
Айбыгып жүрдүм ар убак,
Ачыга басып барыштан.
Ырчылардын жаманы,
Ач иттердей алышкан.
Жаңыңа жакын келгенде,
Жаман сөз айтып жабышкан.

Мен келдим ава Нookаттан,
Жүдөп келди девегин.
Гөр тириглик оокаттан.
Караманча алысмын,
Каты-кабар соогаттан.

Ачынын башы чатта экен,
Барпы аганын коргону.
Актарып таптым зоргодон,

95 Китепте: Барпы. Түз.: Б.Апилов. II том. – Б.: «Полиграф-ресурс», 2008. – 234-236-бб.





Адамдан чыккан жоргону.
Айнектей көздөн айрылган,
Жан экенсиң шордогу.

Кең Ноокат менин туругум,
Кереит шорон уругум.
Айнектей көздөн ажырап,
Жарыкгылык көрбөй курудуң.
Кереит менен тайшиттер,
Отуз уулдун баласы.

Алдыңда ырдап турамын,
Акылга өлчөп карачы.
Ата тегин билбесе,
Адамдын тынбайт санаасы.

Ноокатымды сурасаң,
Картөшкөсү челектей.
Арчасы жымса теректей.
Кымбат баалуу таштары,
Кыздарга берчү белектей.

Ак буудай аттын боюдан,
Жүгөрү төөнүн комудан.
Таалайлуу жерге жолуктум,

Талабым келип оңудан.

Оттогон жерден жылбастан,
Ыксырап жатат малдары.
Кыйкырышып ыр ырдап,
Кыз оюн курат балдары.
Секирип жаштай жүрүшөт,
Сексенге кирген чалдары.

*Барпы:*
Отуз уулдун балдары,
«Кел» дегенди «гел» деген.
Көп сөзгө тили келбеген.
Гожогой сөздүү эл келет,
Айтканын такыр бербеген.

Байыркы монгол кыргызды,
Кайгы уул деп атаган.
Туулупсуң Бекназар,
Отуз уул атадан.
Түшүнтүп айтсам мен саңа,
Түп атаң болот Катаган.
Ортосунда жашайбыз,
Жалал-Абад, Өзгөндүн.
Талантыңды Бекназар,





Жүрөгүм менен сезгенмин.
Айнектей көзүм болбосо,
Турмуштан жалкып безгенмин.

Көрбөсө да көздөрүм,
Угулуп турат калкыма
Алтындай болгон сөздөрүм.
Жүйөөлүү айткан сөзүңдү
Жүрөгүм менен сеземин.

Ноокатыңы мактаба,
Ноокатың журттун гарыбы.
Жай-кышы түшпөйт бутунан,
Ноктолоп кирген чарыгы.
Көргөнүмдү айтканга
Көңүлүң мынча тарыды.

Жамактап киет чапанды,
Жаман көрүп турасың,
Жаңшаган мендей атаңды.
Он күндөй жүрүп жанымда,
Оңдоп кеткин катаңды.
Гыдырып барып көргөнмүн,
Кыргыз-Ата, Көк-Белди.
Туз насибим бар экен,

Көрүп келдим көп элди.
Ырчылык өнөр кесипти
Жараткан мага мол берди.

Талыкпай таңшып ырда деп,
Алла таала жол берди.
Белсенип келип, таптым деп,
Бекназар ырчы кол берди.







НУРАЖИ

Жогорудагы акындарга караганда бул акындан тагдыры да, таржымалы да, жазуу стили да башкача. Биз сөз кылган ырчылар: биринчиден, жалаң төгүп ырдашкан, алар жазган эмес; экинчиден, булар ислам дининин идеяларын өз боюна сиңдирип, ошол мусулманчылыктан алган ойлорун, насааттарын ырларына киргизип келген, ал эми Нуражи акын төгүп да ырдаган, жаза да алган, жазма акын деп да, төкмө акын деп да атоого болот, бул өзгөчөлүгү анын чыгармаларынан кадыресе байкалып турат, экинчиден, ал советтик доордо жашаган, коммунист мугалим болгон, мунун өзү анын чыгармаларына диний мотивдерди эмес, атеисттик идеяларды киргизүүнү шарттаган.

Мен (М.А.) бала чакта, кийин да Нуражи ырчы жөнүндө көп эле укканмын. Согушка барганын, ырдай берип көз тийип кеткенин, ошон үчүн ырларын өрттөп салышканын, балдары да ырдай алса да, ырдабаганын айтып калышчу. Өзгөчө анын жаштык чагы, мугалимдиги тууралуу Жапар Ысмайылов деген фрончу болгон тагам көп айтат эле, ырларынан да жатка айтып берчү. Ошол кезде көп маани берген эмес экенбиз. Анан да жазып жүргөн кагаздары бар экенин, бирок аны балдары эч кимге бербей турганын да айтып калышчу. Чоң уулу Нурбай Нуражиев Ноокат райондук «Колхозчу» газетасында фотокабарчы болуп көп жыл иштеп жүрдү, чыкыйган, маданияттуу жигит болчу. Кийинки уулу Ташполот колхоздун мал чарба тармактарында эмгек кылып келди. Бир небереси азыр Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы.

Нуражи акындын өмүр жолу жөнүндө маалыматтардын жана анын ырларынын бизге жетишине, жалпы кыргыз маданиятындагы руханий мурас болушуна Касымбай Жолдошевдин эмгеги өлчөөсүз чоң болду. Касымбай жезде азыркы Байыш айылындагы кадимки акын Темиркул Үмөталиев мугалим болуп иштеген Ак мектепте латынча окуп, 1943-жылдын башында согушка кетип, Ыраакы Чыгышта Кытайдын Маньчжур аймагын Япониянын Квантун армиясынан бошотуп, анан 1945-жылы 19-августта Харбин шаарында согушту бүтүргөнү менен кыйраган





чарбаны калыбына келтирүүгө аскер адамы катары 1950-жылга дейре сегиз жыл катышып келген киши. Ошол киши токсон жаштан өткөндөн кийин Нуражи акындын кол жазмаларын алып, өткөн кылымдын 30-40-жылдарында кагазга түшүрүп койгон латын арибинде жазган ырларын азыркы тамгабызга өткөрүп берди. Бул кишинин ошол китеби[96] болбосо биздин бул макала да жазылбай калмак. Касымбай Жолдошовго миң алкыш айтып, таазим кылабыз.

Нуражи Ташматов 1909-жылы Шанкол айылынын Күн чыгыш ыптасындагы Котур-Булак суусунун боюнда туулган. Котур-Булак суусунун башында мөңгүлүү тоолор жок болгондуктан (мөңгүлөрдүн суусу бир жагынан Кошчан, бир жагынан Шанкол дайраларына куят) жайында суу азайып калат, жалаң гана булактардан, анын ичинен дары булактан бир тегирмен суу түшөт. Кар ээригенде жана катуу жаанда бул сайдан оңбогондой кыямат сел жүрөт. Аларды биз көрүп чоңойдук. Нуражи ошол суунун алабында туулган. Уруусу адигиненин бөрүсүнүн жүктүсү. Атасы Ташмат баласы Нуражи төрткө чыкканда келбес жайга кетип, баланын жетимчилик жашоосу башталат. Шанкол, Котур-Булак айылдарында өз жанын өзү баккандардан тышкары Ысманбай, Ахунбай, Ташматбай, Мамасейит дегендер болгон, жанын бага албай калгандар ошол байларга жалчы жүргөн. Кийин колхоз чыкты:

...

[96] Жолдошев К. Нуражи акын. Өрнөктүү өмүрлөр. – Ош, 2019. – 252 б.

Бизге да нообат кеп калды.
Нообат бизге келсе да,
Жегичтен акым албадым.
Доо кылып бир жерге,
Арызданып барбадым.
.......................
Колхоз кылып көп кылды.
Тагинан кыркып тамырын,
Чоң байларды жок кылды.
Палвановдор келишип,
Байлардын малын бөлүшүп,
Ошолордун ичинде,
Базарбаев Мырзаали,
Аралашып кошулуп,
Булар да жүрдү киришип.
Тартып алып кедейден,
Байлардын жыйган малдары.
Жалдырады кедейге,
Бай-манаптын балдары.

Октябрь революциясы жеңери менен эле турмуш оңолуп кеткен жок, алсыздар алдууларга, малсыздар малдууларга көз каранды боло берген. Котур-Булак оозунда Чардана деген мечит болуп, ошол жерде балдар исламий багытта тамга таанып, арабча, фарсийче окууну үйрөнгөн. Ошолордун ичинде Нуражи да болуп, сабатын ачкан менен





жаңы өкмөт андай окууларга тыюу салып, жер-жерлерге сабатсыздыкты жоюу курстарын (ликбез) ачканда жаштар да, карылар да ошол окууларга тартылат. Кийин Ак мектепте окуган-окубаганы, ал жерден болочоктогу таанымал акын Темиркул Үмөталиевден билим алганы, акындыктын сырларын өздөштүргөнү тууралуу менде маалымат толук жок, бирок ошол учурга туура келип жатат.

Нуражи Ош шаарында педагогикалык техникумдабы, же мугалимдерди даярдоочу курстабы окуптур да, андан кийин Кожо-Арык деген жерде мугалим болуп иштептир. Кожо-Арык азыркы Кулатов айыл округунун борбору, айтылуу Апшыр-Сай жакта. Нуражинин айылынан бир топ алыс (болжолу 60-70 чакырым), ал жерде ичкилик уруусундагылар жашайт, ал эми акын отуз уулдардан, демек, салттык, тилдик кыйла айырмачылык бар. Ушул отузунчу жылдардын башында – 1931-жылы Авидин чоң энебизге үйлөнгөн экен. Ал энебизди көрүп калдык, кошокчу дешет эле. Бир жылдан кийин кыздуу болушат. Отузунчу жылдардын экинчи жарымында ал райондогу агартуучулардын эң алдыңкыларынын бири гана эмес, жаңы маданиятты таратуучулардын да алдыңкы сабында болгон сыяктанат. 1936-1937-жылдары биздин Котур-Булак айылыбызга биринчи жолу «шайтан арабаны» (велосипед) тээп келген да, биринчи жолу патефон деген өзү ырдаган буюмду көтөрүп келген да ушул киши экен Касымбай

Жолдошовдун маалыматы боюнча. 1928-жылы комсомолго, 1939-жылы коммунисттик партияга өтүптүр. Мына ушуларга караганда ал саясый жактан бышкан, Фрунзеден чыккан газета-журналдар менен таанышып турган, жазма адабияттын алгачкы муундары болгон А.Токомбаев, А.Осмонов, К.Тыныстанов, М.Элебаев, Т.Үмөталиев, К.Маликов, Ж.Турусбеков ж.б. акындардын чыгармачылык таасиринде турган инсан болгон деп айтууга мүмкүн.

Нуражи Ташматовдун XX кылымдын 30-жылдарындагы ырларынан ошол мезгилдеги – кыргыз профессионал жазма поэзиясынын калыптануу учурундагы тематикалык, стилдик жалпылыктарды көрүүгө болот. Ал мезгилде совет өкмөтү менен коммунисттик партия акындарды үгүттөө ишине, колхоз курулушуна, басмачылык менен күрөшүүгө, эл агартууга тартып турган. Ошол жолдон бир аз кыйшайган эле акындарды Касым Тыныстановдун тагдыры күтүп турган. Нуражи акын да «Биздин эл, биздин жер» деген ырында «Ала-Тоонун боорунда, адашкан кыргыз эл элек, учуп жүргөн жапайы, улар менен тең элек» деген идеяда стилиндик саясатты мактап, кыргыз элинин өткөн күндөрү менен азыркы күндөрүн салыштырат. Ал кезде ушундай ырлар керек болчу. 1927-жылы «Совет бийлигинин 20 жылдыгына» деген ыры жазылган жана анда да жогорудагы идея тендетилип, 1917-1927-жылдар ичиндеги жакшы нерселер, советтик прогрессивдүү иш чаралар саналып





чыгат. Идеялык туруктуулук, жаңы өкмөткө, анын жол башчылары Ленинге, Сталинге берилгендик ар бир саптан кадыресе байкалып турат. Ушул ырлары анын лениндик комсомолго мүчө болушуна визиттик карточка болгондой. Патетика, карандай мактоо, ураанчыл идея «Ала-Тоом» деген ырында да улантылат. «Басмачы» деген ыры совет өкмөтүнө, большевиктик бийликке каршы чыккандарды айыптоо багытында жазылган, анда Мойдун бек сыяктуу басмачылардын, молдодон чыккан эшендердин, болуштан чыккан чечендердин кылган иштери туура эместиги айтылат.

Бул ырлар анын саясый көз карашын, коммунист-мугалимдин позициясын көрсөтүп турат. Азыр эми ал ырларды заман, доор таптакыр эскиртти.

Европада фашисттик кыймылдар негизделип, алар дүйнөгө сугун артып турганда СССР менен Финляндиянын ортосунда жараккa кетип, согуш башталат. Мына ошол согушта советтик жоокерлердин патриоттуулугун көтөрүүгө арналган ыры «Кызыл Аскерлерге арнаймын» деп аталат. Отузунчу жылдардын эң аягында жазылган сыяктанат. Отуз жетинчи жылындагы Хасандагы согуштагы жоокерлердин ынтымагы айтылат, Молотов, Федоров сыяктуу баатырлар даңазалант. Бул ырында ал дүйнө таанымынын кенендигин, тарыхый ой жүгүртүүсүнүн ар тараптуулугун көрсөтө алган.

Отузунчу жылдардын тарыхый өзгөрүүсүн, көз алдыдагы өнүгүүнү романтикалык көтөрүңкүлүк менен чагылдырган чыгармасы «Төө-Моюн» деген ыры. Төө-Моюн акын жазгандай «Шыбак басып, чым баскан, кузгундан башка турбаган, курт кумурска буулаган» чөлдүү жер эле, эми ошол жерге «Чырпыгы сынбас чынарым, чын Сталин мунарым» Алтын-Казык тоосунун ары жагындагы Кичи-Алай жеринен «чарыгына чалышып, тоодо жүргөн кыргыздарды көчүрмө кылып келет. Мына ошол процесс, дың жерлерди өздөштүрүү саясаты акын тарабынан колдоо таап, өтө макталат. Албетте, ал кезде саясат ошондой болгон. Тоолуктарды чөлгө көчүрүүнүн айтып бүткүс трагедиясы болсо да, Нуражи Ташматов анын оң жагын айтып берет.

Акындын чыгармаларынын ичинен өз дооруна үн каткан, партиялык үгүттөө тапшырмасын жан дили менен аткарган чыгармасы – «Отуз-Адыр» деген көлөмдүү ыры. Аты айтып тургандай азыркы Ош облусунун Куршаб дарыясынан канал казып, болгондо да кол менен иштеп, жалпы узундугу кырк үч жарым чакырым жерге суу алып бармак жана жети миң гектар какыр жер өздөштүрүлмөк. 1952-жылы гана аяктаган (мунун ичинде согуштун кесепети да болгон) курулуш Кыргыз ССРиндеги Чоң-Чүй каналы (БЧК) сыяктуу эле ири канал катары 1941-жылы казуу иштери





башталган. Нуражи мына ошол жумушка тартылганы ырларынан байкалып турат.

Ырда адегенде «Жетекчибиз Сталин, XVIII съезди 10-мартта баштаган» деп келип, ошонун натыйжасында канал казууга киришилгендиги айтылат. Бул канал казылса:

Суу чыгарып адырга.<br>
Ак талаа шаар болорун,<br>
Ойлоп казды каналды.<br>
Күндө артис тамаша[97],<br>
Ойноп казды каналды.<br>
7000 гектар кайрак жер,<br>
Суулуу жерге айланат.<br>
Агарып пахта ачылат,<br>
Ак буудай шалы чачылат.<br>
Бул чарбаны өстүрүү,<br>
Эгинден түшүм мол алып,<br>
Ток кылды ата Сталин,<br>
Арадагы бузукту,<br>
Тамырын кыркып соолутуп,<br>
Жок кылды ата Сталин.

Акындын айтуунда канал казуу ишинин башында Сталин өзү турат. Ошол кишинин жетекчилиги менен көптөгөн чарбалардан, анын ичинен Ноокаттан жардамга

[97] Ырчылар тынымсыз барып турган экен, айтуудан СССРдин эл артисти Тамараханум да барып бийлеп берген

барышат. СССРде «Стахановчулар» деген кыймылды ойлоп тапкан, жаштар эмес чалдар да иштешет. Ар бир адамдын колунда кетмен-күрөк, замбил ж.б. азыркы учур үчүн өтө эле примитивдүү эмгек куралдары:

Стахоновчу азамат,
Шымаланып түрүнүп,
Шымданышып алышкан.
Аскердей болуп шамдагай,
Каналга даяр барышкан.
Колхоздор баары жарышкан,
Колхоздун баары катталып,
Каналга барды аттанып,
Бул каналдын башында,
Чалдар да жатпайт чабышып.
Жаштар менен жарышып,
Алгыла деп кыйкырып,
Аксакал авам чалдары,
Бул каналды чыгарган,
Атактуу совет балдары.

Каналда казуу үчүн Отуз-Адырдын бөксөлөрүн, дөңсөөлөрүн «Оюп-оюп кесишкен», «Белести таарып кесишкен», «Оюп казган адыры», «Аркан менен байланып, каармандар тоо тешкен», «Кайкы белес зоо тешкен» ж.б. Бул жакта эпкиндүү иштеген ударник Зубайда, ал алдыңкы болгону үчүн, эрте туруп, нормасын аткарганы үчүн «алды





жибек кыжымды». Мына ушул иштин башында бактыбызга туулган Каганович, Молотов, Калинин агай, Сталин сыяктуу көсөмдөр турат, ошон үчүн аларды «миң жыл жашасын» деп жазат акын.

Мына ушул тематика, ушундай мотив, ошол мезгилдеги жалпы кыргыз поэзиясына мүнөздүү болгон, ошонун ичинде кийин бул көнүмүштүн күчүнөн ыргып чыккан Алыкул Осмонов да ал кезде ушундай эле ырларды чыгарып жүргөн. Акындар ал кезде, 30 жаштын тегерегинде болуп бүт республиканы кыдырып, эмгек процесстерин өз көздөрү менен көрүп, шахтерлор, пахтачылар, малчылар, заводдун-фабриканын жумушчулары тууралуу командировкалык таасирдеги ырларды жазып кирген. А түгүл Төлөн Шамшиев «Отуз-Адыр» деген поэма да жазган. Мына ошолордун катарында ноокаттык акын Нуражи Ташматов да турган.

Акындын чыгармачылыгын ар тараптуу көрсөткөн, аны өз мезгилинен озгун ырчысы болгонун айныгыс далилдеген тематикасы – ашыглык ырлары. Бул ырлары отузунчу жылдарда, кыркынчы жылдардын башында – педагогикалык багытта окуп жүргөн кезинде жана Апшыр-Ата жакта мугалим болгон учурунда ырдалгандай.

«Алтыным» деген ыры 1940-жылы 1-майда чыгарылган экен. Ырдын маанисине караганда акынга ошол кезде илхам катуу келип, «сабак-сабак ырлары мени ырда деп асылып

келип жаткан» кези экен. Албетте, ырдай турган кез. Отуздун тегереги. Жаш мугалим. Кыздардын агайы. Ошон үчүн да ырдын авторун да, ыр арналган каармандардын да аты-жөнүн конкреттүү атоодон айбыкпайт:

Мен Ташматтын баласы,
Ырдаган ырым карачы.
Жакында чыккан акынмын,
Келин-кызга жакынмын.

Ыр арналган кыздар болсо, Жарматова Гүлсана, Жороева Санталат, Муратова Рапикан, Асанова Үрзүван, Акматова Саламат. Булар чамасы акындын окуучулары болуу керек, өзү отуз уулдун жигити болгонго, буларды ичкиликтин кыздары деп кайрылат. Ар бирине өзүнүн ашыглык ышкысын сөз гүлдөрүн терүү менен айтып отурат.

Өзүм ашык бурадар,
Өрттөнөт ичим, Равкан.
Күйүп жүргөн буродар,
Күйгүздүң мени, Равкан.
Куп ойлоном буродар,
Куштармын сага, Равкан.
Тамагың тунук акактай,
Тилладан кымбат якуттай.
Ашыра мактап ырдасам,
Алтының кандай экен деп,
Айран болуп турбаңар.





Жашыңар менен карыңар,
Жанымда турган баарыңар.
Алтынды баштап ырдадым,
Эми аныктап кулак салыңар.
Оромол салган башы алтын,
Осмо койгон кашы алтын.
Ойноп жүрсө шарактап,
Оюнкарак жашы алтын.
Таралган чачың дагы алтын,
Тамагыңдын таги алтын.
Авлисинда дагы алтын,
Олтурган жериң дагы алтын.
Коло жездей колуң алтын,
Короздой болгон моюунуң алтын.
Кошулушуп бир жатсаң,
Кордон ысык койну алтын.
Күндөй жарык алтыным,
Күн ысыкта салкыным.
Күмүштөн кымбат алтынным,
Ойлогондо ою алтын.
Орто чарчы бою алтын,
Чыканагы чып алтын.
Сыпайы жүргөн өзү алтын,
Сүйлөсө ширин сөзү алтын.
Сонундап кийген тону алтын,

Соорусу менен жону алтын.
Беш салаасы беш алтын,
Буттарынын башы алтын.
Буралган кара кашы алтын,
Булгаарыдай буту алтын.
Буркураган жыты алтын.
Акырегиң ак алтын,
Ак эмчегиң дагы алтын.
Тутамдан ичке бели алтын,
Тууган-урук эли алтын.
Куюшканың куйма алтын,
Куюлуп тушкөн мурду алтын.
Эгериңдин кашы алтын,
Эмчегиңдин башы алтын.

Караңыз, махабат ышкысы кандай гана сөздөрдү, кандай гана салыштырууларды издеп таптырбайт. Акын өз оюн не бир керемет сөздөр менен, чыгыш классикалык акындары колдонгон ассоциациялар жана образдар менен бекемдеп берет.

Нуражи акын билимдүү, маданияттуу гана эмес, кара каштуу, шыңга бойлуу, оозу-мурду келишкен жигит болгон. Өзү да «Эрке жан» деген ашыглык ырында «Аял кыздын дардинан, ар жерге барып көп ырдап, аркамда көп душманым» деп айткандай, сүйгөн кыз-келиндери көп болгондой. Бул ырында «Кыйла жерди кыдырдым, кыздары





сулуу Ноокаттын» деп ноокаттык кыздардын сулуулугун өзгөчө тамшануу менен, сөздөрдүн өткүрүн, мурчтуусуз таап ырдайт.

Галбасы болот бакшынын,
Алмасы болот жакшынын.
Тумары болот бакшынын,
Кумары болот жакшынын.
Пушманы болот бакшынын,
Душманы болот жакшынын.
Намысы болот бакшынын.
Чамасы болот жакшынын,
Гүлдөнү болот бакшынын, - деп антитезалык каражат менен ыр курап өз чеберчилигин демонстрациялайт.

Сүйгөн адамы ал үчүн ушунчалык бир керемет, анын маңдайыңдагы калы – бир саптарында – тилла, бир саптарында – күмүш, бир саптарында – анар, бир саптарында – бурак, дагы бир саптарында – жылдыз; отуз эки тиши – күрүч; паркыраган көзү – чырак, далиси толгон чачи – кундуз.

Мына ушундай күйгөн, сүйгөн темадагы мыкты ырларга «Бото көз», «Акшайир менен Гүлшайир» деген ырлары кирет, алардагы образ түзүү, ыр жолдорундагы параллелизм, референ кыргыз эл ырчыларынын, улуттук фольклорундун традицияларын жеткире өздөштүргөнүнөн кабар кылат.

Нуражи акындын тагдырына эми башка күндөр баш багып келе жаткан. Согуштун алдында экинчи баласы – уулу Нурбай, 1942-жылы кийинки уулу Ташполот жарык дүйнөгө келет. Мына ушинтип баары жай-жайында болуп атканда, эл бир аз оңоло баштаганда, Улуу Ата мекендик согуш башталып атпайбы, атаганат. Үч балалуу экендигине, жашы өйдөлөп калганына карабай, айылдык мугалимдерди брон берип алып калып жатканына карабай аны согушка чакыртат. Согуш айылга катуу келди. Маман менен Осмондон бирдей үчтөн уул кетти. Котур-Булак оозунан Шайинин Орозалиси алынды. Мугалимдерден Мырзандын Адилбеги согушка аттанды. Айылчынын Тургунбайы, Абдырахмандын Маткалыгы, Өмүралинин Сулайманы, Жайнактын эки бирдей уулу – Кудушу менен Раимбердиси, Ысмайылдын Жапары кетти. Ташмат байды кулакка алган эле, ал Өзбекстандын Савайында жүргөн экен, ал жакта эки уулун – Мураты менен Кадырын аскерге алууга даярдашты. Калдардын Абдикерими, Боркоштун Бөрүбайы жоого аттанды. Дал мына ушул – согушка чакыруу, майданга узатуу процессинин трагедиясы анын 1942-жылы 15-мартта жазган «Зил-Зала» деген ырында чагылдырылат. Адатта, бул сөздү жер силкинүүнүн, жер термелүүнүн синоними катары колдонсок, акын ошол 1941-жылдын жайынан башталган аскерге жиберүүнү ушундай сөз менен берет.

Эрте кеч жөнөп калам деп,





Элдин баары кооптуу.
Эки жака барба деп,
Өкмөт бербейт жооптуу, - дегендей абал эл башына түшөт. Эмне кылуу керек? Айла жок. Повесткалар келет. Келген сайын «Адамдын көбү зыркырайт, аял эркек буркурайт», армияга барчуулардан Раимберди менен Тагай катуулугун көрсөтүп, бир муңайбай кетти, бечара Карим досу кетти. Акыры ага да нообат келди. 9-мартта колуна чакыруу алды, ошондо ал:

Көңүлүбүз ачылып,
Кайтып келсек болду эле.
Максатка кудай жеткирип,
Эсен-аман саламат,
Барып кайтсак болду эле.
Душманды жеңип талкалап,
Алып кайтсак болду эле.
Ээн калбай жолдо эле,
Эсен келсек болду эле.
Адашып калбай жолдо эле,
Аман келсек болду эле, - деп арабага түшүп Эски-Ноокатка, андан ары Кызыл-Кыяга жол алды.

Анын жалпы ырларынан өзгөчөлөнүп турган бир ыры бар. «Солдатка жазылган аялынын каты (Учурашуу кат)» деп аталат. Эгер жогоруда сөз кылган ырлардын дээрлик бардыгы элдик фольклордук жана төкмөлүк поэзиянын

формасында 7-8 муундан турса, бул ыры 11-12 муундан туруп, төгүп ырдалган эмес, кагазга жазылган, б.а., профессионал адабияттын мыйзамдарына ылайык иштелген. Окуп чыгыңыз:

Элиртип, эт жүрөктү кыялдантып,
Жүрөккө махабаттын шамын жактык.
Бир өстүк жазгы гүлдөй бүрдөп жайнап,
Үн коштук булбул өңдүү ширин сайрап.

Түбү жок деңиздердин үстү менен,
Жаштыкты толкундаттык кемени айдап.
Эсимде эң акыркы айткан кебиң,
Эсен тур кадырыңы билем дедиң.

Көрүнүп тургандай, Нуражи акын төкмө гана эмес, жазгыч акын да болгон, ал ички сырларын, толгонууларын, өзүнүн лирикалык каарманынын психологиялык абалын жазуу формасында берүүгө аракет кылган. Тилекке каршы, мындай ырларынын көбү бизге жетпей калды.

Ошентип, мурдагы ырда айткандай ал да көпчүлүктүн бири катары согушка аттанды. Касымбай Жолдошев анын 1942-жылы армияга жөнөп, бара жатканда Кызыл-Кыяда төрт саат ырдаганын, 1944-жылдын башында майданда жүрүп катуу ооруп калып, кайтарылганын жазат[98].

[98] Жолдошев К. Нуражи акын. Өрнөктүү өмүрлөр. – Ош, 2019. – 252 б.





Уулу Ташполот Нуражиевдин жазганы боюнча атасы ошол Кызыл-Кыяда тынымсыз ырдайт:

Ырды угуп көпчүлүк,
Көкүрөгү ачышты.
Кээ бирлери бырылдап,
Бышактап ыйлап жатышты.
Токтобостон ырларын,
Төгүп жатты Нуражи.
Топтолуп турган калың эл,
Болду окшойт ага ыраазы.
Анткени акын Нуражи,
Түйшүк тарткан элдердин,
Турмушун кошуп ырдады.
Курман болгон согушта,
Курбусун кошуп ырдады.
Кары жашы согушка,
Барганын кошуп ырдады.
Алган жары балдары,
Чырылдашып артында,
Калганын кошуп ырдады.
Карыган ата-энелер,
Жалгыз уулун согушка,
Бергенин айтып ырдады.
Жыл өтпөй balaң өлдү деп,
Кара кагаз уулунан,

Келгенин кошуп ырдады.
Карыган ата-эненин,
Жалгызынан ажырап,
Күйгөнүн кошуп ырдады.
Акылынан ажырап,
Жүргөнүн кошуп ырдады.
Тирүү кеткен балдардын,
Капысынан окко учуп,
Өлгөнүн кошуп ырдады.
Жарадар болуп жарым жан,
Болгонун кошуп ырдады.
Кары дебей жаш дебей,
Барасың деп согушка,
Повесканы колуна,
Бергенин кошуп ырдады.
Окко учкан балдардын,
Өлгөндүгүн белгилеп,
Кара кагаз жазылып,
Келгенин кошуп ырдады.
Жашоонун көрбөй жыргалын,
Жаш балдар согушка кетти деп,
Төкмө акын төктү ырларын.

Мына ушул Кызыл-Кыянын темир жол бекетинде ырдаган ырынан соң:

Көзү тийип адамдын.





Кесел болгон төкмө акын.
Болушун мындай билбеген,
Фронтко барып кирбеген.
Көз тийген дарты күч алып,
Денесин катуу ооруткан.
Ысытмасы жогорулап,
Төкмө акын кайтты согуштан.

Кийин канча доктурга, табыпка барса да, денесиндеги кара жарасы кайтпаптыр. Түшүнүксүз жана кызык кубулуш. Акынга көз тийип кетиптир. Ушундай болушу мүмкүнбү? Бул эми чоң суроо!

«Акындын акыркы жазган арманы» деп китепке киргизилген ырында ошол учур, ошол абалы мындайча айтылат: Ошондо орусу да, сарты да, кыргызы да, узатуучусу да, узап жатканы да анын ырчылык талантына там берип, алдындагы куруна акча таштаршат, ал абдан көп акча болгон. Поезд менен кете берет. Айтуудан андан ары Гарчоковго (азыркы Кува шаары) да ырдап барат. Дагы ырдап кетет. Анан эле кийинки ахбалы: «Кысылып тамак жей албай, кыйла тартат кыйынды», «Далай жаттым кыйналып, басалбай жүрөм ыргалып», «Эл катары жүрө албай, эзилдим ооруп күлө албай».

Түшүнүксүз оору жанын коёрго жер таптырбай, акыры айылга кайтат. Келсе, кыштактын, «Съезд» колхозунун куну учкан, жегенге тамак жок, сааганга уй жок. Аялы менен он

үч жашар кызы гана бир аз тириглик кылбаса, эки уулу чөжүрөп майда, көзү жакшы көрбөгөн энеси үйдөн чыга албайт. Аны болсо азаптуу оору кыйнайт, ыстыгы ашынып кете берет, даны жок карышып жатат, бирок «Акын да бир күн оңолоор, азаптуу мээнет жоголоор» деп үмүтүн үзбөйт. Андан аркы абалын өлүм алдында мындай ырдаган экен:

Дал отуз төрт жашымда,
Жан ооруп катык башка өттү.
Отуз төрттөн өдөлөп,
Отуз алты жаш өттү,
Журттан алып шилээни.
Жумаланып мен жаттым,
Элден алып шилээни.
Эсепсиз ооруп мен жаттым,
Азаптуу оору мен тарттым.
Аз болду көрдүм жарыкты,
Арманда жаттым далай күн.
Айтайын жазган тарыхты,
Акыры төштөн тешилип.
Кийе албай калдым чапанды,
Караңгы түндө жатамын.
Жараткан Алла сен бердиң.
Кимге айтамын капамды.
Акындардын көбүнө,
Кеп бербеген ырчы элем.





Жаштык өттү алаамат,
Келиндерге сынчы элем.
Сынчылык жетип башыма,
Сыр болду өмүр башыма.
Акындык жетип башыма,
Азап кетти жашыма.

Ал өзүнүн ушул дартка кабылышын жогоруда айткандай акындыгынан көрдү, ырларынан көрдү. Ошон үчүн да анын куржун толо ырларын жок кылышты, ошон үчүн атадан балага өткөн өнөрүн кичүү уулу Ташполот да элден жашырып келди.

Мына акындын тагдыры! Тирүүсүндө сыйланбаган акын өлгөн соң дагы унутулат. Аны эч ким эстебейт. 2019-жылы гана ал кишинин көзүн көрүп калган, ырын угуп калган Касымбай Жолдошов акындын ырчы уулу Ташполот Нуражиев экөө бизге мурастары катылган сандыгынын колго тийгенин гана ачып берди...

Абдыкерим Муратовдун «Жолдошовдун жолу» деген китебинен:

«Балдар топурап кире баштады. Ичтен да кобур-собур угулду. Айылдан мурда эле аскерге алынган, буларга караганда жашы бир аз улуураак Бөрүбай, Абдикарим, Нуражи дегендер экен. Кучакташып көрүштү. Акыры колхоздо бирге иштегендер, бир айылдыктар, тууганчылыктары да бар.

- Эмнеге келдиңер? – деди Абдикарим улакчы. Сараладагы Калдардын уулу.

- Согушка кетип атабыз да! – деди буларга командир боло калган анын тууганы Төлөн каккан кызыктай какайып.

- Ой, силерби? Согушкабы? Силерди алдыбы, эми! – Бөрүбай адегенде бир бакырып, анан бышактап ыйлап ийди. Баары бошошо түштү.

Нуражи ака болсо айылдын билимдүү жигиттеринин бири эле. Төгүп да, жазып да ыр чыгарат. Мугалим болуп иштеп эми минтип согушка кетип атат. Күндүзү ал вокзалда төгүп ырдаса, тургандар чарчысына пул таштай берип, кыйла акча таап келген экен, анысынын бир тобун уучтап жаңы келген айылдаштарына берип таштады.

Жууркан-төшөк жок болгону менен кудай жалгап үй жылуу экен. Бул шаарда башка жок болсо да, көмүр серап.

Кийимчен эле кыңкая кетишкен экен, бат эле короздун кыйкырыгы чыкты.

Мурда келген айылдаштары саарлап туруп эле, кийин келгендер менен кучакташып коштошуп, түйүндөрүн түйүп бүгүн биздин поезддер келет деп шашылган бойдон темир жол вокзалына кетти.

Жолдоштун Касымбайы, Мураттын Төлөнү, Калматтын Салиси, Ысактын Апсалами, Ороздун Эргеши, Акайдын Абдырайымы да таңылчактарын түйүнүп, түшкө жуук темир жол бекетине ыргалжың басып келишсе, кечээ Эски-





Ноокаттан жөө чыккандар да келип калыптыр, он жети жаштан элүү жашка чейинки үч жүздөй адам чакырылган экен, баарын катарга тизип, мончого алып барып, вокзалда келе турган поезди күтүп таң атырышты»[99].

Нуражи ТАШМАТОВ

## АКШАЙИР МЕНЕН ГҮЛШАЙИР

Авалкы ырым таштадым,
Акшайирдан баштадым,
Акшайирдин жолуна,
Аманат жаним таштадым.
Акшайир менен Гүлшайир,
Экөөң тең бирдей баласың.
Өрткө мени саласың,
Ушинетип жүрсөңөр,
Өлтүрүп бир күн аласың.
Экөөңөр кошулсаң,
Куп болосуң, Акшайир.
Извашчынын[100] атындай,
Жуп болосуң, Акшайир.
Күйгөн ырым аз болду,
Гүлшайир, ырым саз болду.

---

[99] Муратов А. Жолдошовдун жолу. Өмүр баяндык повесть. – Б.: «Айат», 2016. – 34-35-бб.
[100] Извашчы – извоччу (ат араба айдаган киши)

Ашыглык ырым аз болду,
Акшайир, ырым саз болду.
Күйгөн ырым куп болду,
Гүлшайир менен жуп болду.
Ашыглык ырым куп болду,
Акшайир менен жуп болду.
Сан тийбеген ырларым,
Болуп жатат, Гүлшайир.
Санат ырым башкадан,
Болуп жатат, Акшайир.
Ой Гүлшайир, гүлүңүз,
Күйгөнүмдү билиңиз,
Ой Акшайир, ашыгым,
Акылым кетип жашыдым.
Акшайир мага жолуксаң,
Жакшылап сөзүң угамын.
Жамалың мени тынчытпайт,
Жазбай кантип турамын.
Акшайир деп ырдасам,
Билер бекен, Акшайир.
Айтып жүргөн сөзүмө,
Кирер бекен, Гүлшайир.
Акшайир сени эстесем,
Күйүп жүрөм, Акшайир.
Айылыман жактырып,





Сүйүп жүрөм, Акшайир.
Акшайир, сенин актыгың,
Адамда жоктур сактыгың.
Кел деп койсоң, Гүлшайир,
Али түнү мен барсам,
Ак алмаңа кол салсам,
Ушунда турат көңүлүм,
Узун болсун өмүрүң.
Түндөсү жатып уктасам,
Түшүмдө ырдап чыгамын.
Акшайир, сенин кабарың,
Алыста жүрүп угамын.
Уккандан кийин, Гүлшайир,
Аманың тилеп турамын.
Акшайир деп ырдасам,
Угуп калды жакшылар.
Башка жакка барбайын,
Айылымдан сонундар,
Чыгып калды жакшылар.
Катарынан карасам,
Кашыңызда айып жок.
Калктын баарын кыдырдым,
Катын кыздын ичинде,
Сизчелик таза зайып жок.
Иретиңди карасам,

Ич жагыңда айып жок.
Ичкиликти кыдырдым,
Ичкиликтин элинде,
Сизчелик таза зайып жок.
Акшайир, сизди деп жүрүп,
Аркандан сыздап көп күйүп,
Арык болдум, Акшайир.
Санааңды тартып саргарып,
Карып болдум, Акшайир.
Ышкыңызга чыдабай,
Ырдап жүрөм, Акшайир.
Ичимде кайгы-капа көп,
Сыздап жүрөм, Акшайир.
Элге-журтка билгизбей,
Чыдап жүрөм, Акшайир.
Сүйлөсөң тилиң булбулдай,
Сөзүңүздөр артыкча.
Акак болуп агарган,
Мен тамагың болоюн.
Көкүрөктө кош алма,
Мен мамагың болоюн.
Арыгыңдын боюнда,
Мен талыңыз болоюн.
Акыретке баргыча,
Ажал жетип өлгүчө,





Мен жарыңыз болоюн.
Короoңузда эгилген,
Мен көзөңүз болоюн.
Суусундукка жутсаңыз,
Мен бозоңуз болоюн.
Авлиңизде ийилген,
Мен дарагың болоюн.
Ичкендиктен мас болсоң,
Мен арагың болоюн.
Жайылып аккан суу болот,
Жаныңда жүрүп жете албай,
Жалдырап өмүр кум болот.
Кыргый келсе кыш болот,
Сизге окшогон жакшыдан,
Табийгат айтса буюруп,
Качан бир бизге туш болот.
Суу боюнда талдайсың,
Сулуугa бүткөн калдайсың.
Сулуу жарым деп жүрсөм,
Сумсайтып күндө алдайсың.
Жар башында талдайсың,
Жаакка бүткөн калдайсың.
Жанымдан артык мен көрсөм,
Жараткан күнү алдайсың.
Ургаачылык кылбачы,

Ушул сөздөн жылбачы.
Адам болсоң, Акшайир,
Айткан сөздөн сен жылып,
Адамды капа кылбачы,
Айтканымдан жылбачы.

БОТО КӨЗ

Ашыгып күйөт көп жаштар,
Аянын айтып ырдайын.
Ашык болуп күйгөндүн,
Баянын айтып ырдайын.
Күндүн тийип жарыгы,
Күлкү менен тамаша,
Күйгүзүп жүргөн жигитти,
Куйкалап жаштын тарыхы.
Ай чыгат тоодон кыялап,
Жарыгын бир саат ырдайын.
Күйгүзүп жүргөн жаштардын,
Тарыхын бир саат ырдайын.
Күн чыгат тоодон кыялап,
Жарыгын бир саат ырдайын.
Күйгүзүп жүргөн жаштардын,
Тарыхын бир саат ырдайын.
Авалкы өткөн жаштардын,
Адатын бир саат ырдайын.





Ашык болуп күйгөндөн,
Санатын бир саат ырдайын.
Келген менен жигиттер,
Кечке маал келгин деп,
Келишимин түзүшөт.
Жигитти көрсө келиндер,
Керме кашын сүзүшөт.
Бул жаштардын буруму,
Убада кылып чыкпаган.
Кээ бир лоодур[101] келиндин,
Кебинин болбойт туруму.
Ак терек кыйдым тал издеп,
Ар жерде жүрдүм жар издеп.
Көк терек кыйдым тал издеп,
Көп жерге бардым жар издеп.
Кеп сүйлөштөн эринип,
Кээ бир күнү чалкалап.
Бетине колун калкалап,
Ал келиндин осолу.
Тамтыгын койбой жамандап,
Ырдагым келет ошону.
Он сегизден өткүчө,
Жыйырмага жеткиче.
Кыздай болуп буралып,

[101] Лоодур – жөнү жок, эби жок, сөзүнүн куну жок терс сапаттагы адам

Кыз-келиндин астында,
Жигиттик кызык сөздөн уялып.
Жыйырмадан кырккаче,
Ашыклыкта көңүлүң.
Кайрылып келбейт жаштыгың,
Кайра пастайт өмүрүң.
Кайтып калат көңүлүң,
Өйдө-төмөн өткөндөн.
Көп жигит бар ушакчы,
Өзүн билбей көпкөндөн.
Өзүн билген келиндер,
Ушулардан сактанат.
Уяты жок жигиттер,
Уруулуу элде мактанат.
Уяты болсо бизге окшоп,
Ушак сөздөн мактанат.
Ушак айткан жигиттер,
Ургаачыдан дак калат.
Кулпунуп күндө тарансаң,
Кундуз деймин, Ботокөз.
Маңдайыма жараткан,
Жылдыз деймин, Ботокөз.
Ичкиликтен сүйгөнүм,
Бир кыз деймин, Ботокөз.
Экөөвүңөр кошулсаң,





Үр кыз деймин, Ботокөз.
Жолдо жүрсөң жорголоп,
Жолуңду карайм, Ботокөз.
Жообун жазып берсе деп,
Колуңду карайм, Ботокөз.
Олжобай менен Кишимжан,
Аларда өткөн бир убакта.
Анан да өттү жооругуң,
Ойлосом сени шул убакта.
Ашык жар сенин дардыңдан,
Күн чыгыш менен күн батыш.
Ортосунда жүрөмүн,
Ойлонуп сени санасам,
Оолугуп туйлайт жүрөгүм.
Болбогон ишти сүйөбү,
Боздоп ырдайм артыңдан.
Ботокөз бооруң күйөбү,
Мээлеп атсам тийеби.
Мергенчи жарың сүйөбү,
Боздоп ырдайм аркаңдан.
Бооруң деги күйөбү,
Жаздын күнү жайнаган.
Кызыл гүл болуп жайнасаң,
Мен булбулуң шагыңда.
Конуп туруп сайрасам,

Айтып бүттүм аянын.
Ашыклыктын баянын,
Ушуну менен бүтүрүп,
Ада кылдым аягын.







ЗАИР

Заир ырчы совет учурунда жашаган. Тайгара менен замандаш болгон. Бөрүнүн Атаке уруусунун курамындагы Чоттон тараган Окшотмо уругунан. Окшотмонун уулу Чычымдан Асан, Асандан Алагөз, Алагөздөн Мамажакып, Мамажакыптан Гайып, Гайыптан Анарбай, Анарбайдан Заир болгон. Азыркы Кара-Кой жайлоосуна бараткандагы Шибе деп аталган белден тартып, мазарга, Мундарчыга чейинки айылдар, кыштоолор эл арасында «Тоо» деп аталып, азыркы учурда административдик жактан Ноокат районунун 3-4 айыл өкмөтүнүн курамына бөлүштүрүлгөн. Тоодо негизинен Бөрүнүн Атаке тобундагы Окшотмо, Окшотмонун бир тууганы Кара-Кучкачтын ж.б. уруктары жашайт.

Заир ырчы 1903-жылы Ноокат районунун Кыргы-Ата айылдык аймагына караштуу Борко айылында туулуп, 1984-жылы 81 жашында дүйнөдөн кайткан. Тоодо, тагыраак

айтканда, Будалыкта жашаган. Бүгүнкү күндө урпактары Борко айылында жана Тоодо жашайт. Заир тубаса төкмө жана кошокчу болгондугу эл арасында айтылат. Анарбаев Заир Улуу Ата мекендик согуштун катышуучусу, согуштун ардагери болгон. Согушта жаракат алган. Заир ырчы согушта жүргөндө бир күнү уктап жатса, бирөө келип тарык[102] берип, кайрадан «о сен эмессиң» деп кайра алып кетип калганын, «ошол тарыкты бербеди, бергенде мындан да жакшы ырчы болот элем» деп айтканын Заир ырчынын өзүнөн укканын 93 жаштагы Ак-Булак айылынын тургуну, санжырачы, Заир ырчынын аталаш тууганы Атабаев Абдыкадыр аксакал эскерет.

Белгилүү акын, жазуучу Таш Мияшевдин 1983-жылы жазылган «Аталар жолу» деп аталган даректүү повестинде Заир ырчынын фронттон кайтып, колхоз менен байланышкан тагдыры кенен чагылдырат. Колхоздун раиси, бухгалтери ж.б. активдер колхоздун аттарын кыштан чыгаруу үчүн Кара-Койдун ичиндеги Будайлыктагы Заир ырчыны эп көрүшүп, ырчынын фронттон келгенине 15 күндөй өткөн мезгилде ага колхоздун аттарын өзүнүн чаркарында (малкана, аткана) карап, кыштан чыгарып, жазгы иштер башталганга чейин багып берүүнү өтүнүшөт. Заир ырчы «мейлиңер, макулмун. Чаркарым деле бош турат. Биздин үй-бүлөдө болсо бир да баш мал калбаптыр.

102 Тарык – таруу (дан)





Бакса багып берейин», – деп макул болот. Ошентип колхоздун арык аттарын семиртип, багып жүрүп, бир күнү аттардын чөбү түгөнөйүн деп калгандыктан колхоздун конторунан кабар алып келейин деп тоодон түшүп келет. Конторага жакын жердеги пункттун оозунда адамдар көп экен. Катарда турган колхоз раиси Тажибай Бажаев Заир ырчыга «сизге ыракмат» деп ыраазычылыгын айткан. Ошол жерде колхоз активисттеринин Заир акам фронтко баргандагысын ырдап берсин деген өтүнүчтөрүн орундатып, ырдаганын жазат.

Аскерге кетип баратып,
Айткым келбейт арманым.
Ал жактан барып көрөбүз,
Пешенеге салганын.
Эркек-аял, тууган эл,
Эсен бол эми калганың.
Ак дөңдүн гүлү солбосун,
Алган жардан ажырап,
Ааламдан мендей болбосун,
Тескейдин гүлү солбосун,
Теңтуш жардан ажырап,
Теңирде мендей болбосун.
Бир атадан тараган,
Азамат балдар үчөө элек,
Колхозго катта күч элек.

Жарак кармап колдорго,
Жаңыдан кеттик бөлүнүп,
Кайыркош эсен болгун деп.

Сүйгөн жарым гүл бурак,
Тура албай ыйлайт буркурап.
Колун берип коштошуп,
Көргүчө эсен болгун деп.
Көркоонун көзүн ойгун деп.
Көлдөлөң басып жанашып,
Көчөдө басып баратып,
Көпчүлүктүн ичинде,
Көрүнбөй калдың адашып.
Көрүнүп калар бекен деп,
Көпчүлүктөн бөлүнүп,
Карааның көзгө илинбей,
Кабыргам калды сөгүлүп.
Айчылык жолдон кат жаздым,
Кагаздын бетин толтуруп,
Карааныңды сагынып,
Капалык менен олтуруп.
Асмандагы кайдыгер,
Ак шумкар торго чалынар,
Айланып элге барганча,
Алтыным мени сагынар.





Капталдагы айланган,
Карлыгач торго чалынар,
Качан келээр экен деп,
Кара көз мени сагынар.
Асылып келген немисти,
Атышып жүрүп алабыз.
Ажал жетип өлбөсөк,
Акыры бир күн барарбыз.
Бурулуп келип токтолдук,
Фронтко барар окшодук,
Айланып келип токтодук,
Атыша турган окшодук.
Душмандардын корккону,
Асмандан учкан самолёт,
Төбөдөн түшсө сайылып,
Качышат шондо жайылып.
Биздин аскер көп болду,
Берлинге барып токтолду.
Кырк бешинчи жылында,
Немистин туусу жок болду.[103]

Заир ырчыны аксакалдар жоош мүнөздүү болгонун, ал көргөнүн ырдаганын, ар бир окуяга куюлуштуруп, төгүп ырдаганын айтышат. Бир күнү Заир ырчы отун артып келе

[103] Мияшев Т. Чыгармалар жыйнагынын үч томдугу. II том. – Б.: «Бийиктик», 2004. – 441-443-бб.

жатса Маматали деген кароол (токойчу) отунун алып коёт дейт. Анда Заир ырчы:

Күңгөйдөгү табылгы,
Атасы Оoаз эккенби?
Тоодо турган арчанын,
Же тобурчагын сепкенби? – деп төгүп ырдаганы айтылып жүрөт.

Ноокатта, айрыкча Кыргыз-Ата айылдык округунун Заир менен Тайгаранын такымдап айтышкан айтыштарын, бири-бирине кычып ырдашкандыгы жөнүндө эл арасында маалыматтар бүгүнкү күнгө чейин айтылып жүрөт. Жогоруда Тайгаранын чыгармачылык өмүрү тууралуу өзүнчө жазылган бөлүмдө Заир ырчы менен Тайгара ырчы экөөнүн кез келген бир учурун, анда «раистан алган така» (теке) тууралуу да айтышкандыгын белгиледик. Колхоз мезгилинде жаралган бул ыр тууралуу кеп эл арасында бүгүнкү күнгө чейин унутулбай айтылып келет. Тайгара менен Заирдин айтышындагы курч, бир жагы тамашалуу бул теманын, тагыраак айтканда, «така» (теке) тууралуу ырдын жаралышынын себеби мындай болгон: Өткөн кылымдын 50-жылдарында Компартиянын пландарына ылайык, эмгекчилердин турмуш абалын жакшыртуу маселесине көңүл бурулган. Таш Мияшев өзүнүн чыгармасында Заир ырчынын легендага айланган бул окуясын да камтып, тарыхый окуялардын негизинде жазылган. Тельман





атындагы колхоздун (азыркы Кыргыз-Ата айылдык округу) раиси Бажаев Тажибай колхоздогу 40тай үй-бүлөгө бирден эчки берсек, алар бир жыл айланбай эки-үч башка жетет деп кеңешип, колхоздун башкы бухгалтери Турат Мариповго кайрылып, 40 эчкини колхоздун эсебинен бөлүп, эсептен чыгаруусун айтат. Ошентип, Турат бухгалтер ар бир эчкиге номурларды тагып, ошол номурлар жазылган бүктөлгөн кагаздарды кутучада кармап, ар бир эчкини чек менен берилерин айтат. Заир ырчы да ошолордун арасында болуп, чегине чыккан кара эчкини баласы экөө алып барат. Үйүнө кирип келатканда эле Заир ырчы менен баласы жетелеп келген эчкини «кокуй, мунуңар теке го, ботом, ырчы-ырчы деп мактап койсо, жоош-момун болсоңор ошентишет да» деп айтканын, ушундай кызык окуя орун алганын жазат. Арадан күндөр өткөндөн кийин Заир ырчы колхоздун борборуна барып калып, активдер менен көрүшүп учурашкандан кийин, Турат эсепчинин Заир ырчыдан «Бу эчкиңиз, чоң көрүндү эле, тууп бердиби?» деген суроосуна ыр менен жооп бергенин жазат.

Угуту өнсө арпадан,
Бозосу күчтүү болот го.
Уютуп шагын жеткирсе,
Сары нагыз макадан[104]
Тажибай раис акабиз,

---

[104] Мака – жүгөрү.

Энчини берди такадан[105].
Такани така куубайбы,
Жайын айтып бериңчи,
Жаңагы жыла туубайбы?
Энчиге алган жаныбар,
Эгер бирин-бир куубаса,
Дардисар экен туубаса.
Катат го биздин башыбыз,
Арзып жүрүп жетсем мен,
Арык така тийиптир,
Аттиң Заир күйүптүр.
Эгиз тууйт эми деп,
Эл ырастап күлүптүр.
Жем берсем да оңолбойт,
Желини түзүк чоңойбойт.
Жетелеп барган боюнча,
Отко коём оюнча.
Баарыбызды сүйүнткөн,
Раис биздин акабиз.
Элине эчки бөлдү деп,
Элге-журтка айтабыз.
Эртели кеч тилеймин,
Экини туу деп такабиз.
Эсебин шондо чыгарсак,

[105] Така - теке





Жаз айланса күз болот,
Жакшылап баксак улагы,
Жакында эле жүз болот,
Жеген оту чөп болот.
Жетекчи берген акабиз,
Тууса төлү көп болот[106].

Теке тууралуу айтылып жүргөн баян ушундай. Албетте, теке тууралуу бул окуя ошол кездеги төкмөлөрдүн ортодогу кызыктуу темага алынышы мына ушундан. Азырынча биздин колубузда Заир ырчынын колдо бар чыгармалары жокко эсе. Буйруса, элдин арасында, ошондой эле жазылып калгандары дагы табылар...

[106] 106 Мияшев Т. Чыгармалар жыйнагынын үч томдугу. II том. – Б.: «Бийиктик», 2004. – 454-457-бб.

Окурмандар үчүн



Окурмандар үчүн

Окурмандар үчүн



МАЗМУНУ

Кириш сөз......................................................3

Манасчылар ..................................................8
ЫРЧЫЛАР
Ботобай......................................................11

Анаргүл......................................................31

Тайгара......................................................48

Мамасаит ....................................................72

Бекназар.....................................................91

Нуражи.......................................................97

Заир.........................................................131

150с

Абдыкерим МУРАТОВ, Нурсултан КУБАНЫЧБЕК уулу

НООКАТТЫН ЧЫККАН ЫРЧЫЛАР

тарыхый-адабий изилдөөлөр

Редактору
Кыялбек Акматов

Техредактору жана компьютерде
калыпка салган
Сыргакбек Абдрасов

Корректору
Мелисбек Музулманов

10.01.2021 терүүгө берилди.
10.02.2021 басууга кол коюлду
Көлөмү 9 басма табак
Нускасы 500 даана
ЖЧК "Глобал принт" басмасында басылды.

*Ашыгып күйөт көп жаштар,*
*Аянын айтып ырдайын.*
*Ашык болуп күйгөндүн,*
*Баянын айтып ырдайын.*

*Нуражи Ташматов*

9 789967 486249